

# КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИ

## Административдик иштердин отчету

2015

# 2015-жылдагы
# Административдик иштердин отчету

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ СТРАТЕГИЯЛЫК
ПЛАНДАШТЫРУУ БӨЛҮМҮ Бишкек/КЫРГЫЗСТАН

2015



## Манастын жети осуяты:

1.Эл журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги;

2.Улут аралык ынтымак, достук жана кызматташтык;

3.Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет;

4.Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакыбат дөөлөткө умтулуу;

5.Гуманизм, айкөлдүк, кечиримдүүлүк;

6.Табият менен таттуу мамиледе болуу;

7.Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.



*“Улуттук эгемендүүлүк жаркыраган нур сыяктуу, анын таасири астында кишендер эрийт, таажы жана такты жок болот. Башка элдерди өзүнө багындырган улуттар жок болууга дуушар болушат”.*



*МАЗМУНУ*


**ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН СӨЗҮ....9**

**I. ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ.... 15**

А) МИССИЯ ЖАНА КОНЦЕПЦИЯ.... 20

В) АНЫКТАМАЛАР, ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ, МИЛДЕТТЕР ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР.... 23

С) УНИВЕРСИТЕТ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ.... 23

1. МАТЕРИАЛДЫК-ТЕХНИКАЛЫК БАЗА ....23

2. УЮШТУРУУЧУЛУК ТҮЗҮМҮ.... 42

3. МААЛЫМАТТЫК ЖАНА ТЕХНОЛОГИЯЛЫК РЕСУРСТАР.... 46

4. АДАМ РЕСУРСТАРЫ.... 55

5. КӨРСӨТҮҮЛГӨН КЫЗМАТТАР.... 66

6. БАШКАРУУ ЖАНА ФИНАНСЫЛЫК КОНТРООЛДОО СИСТЕМАСЫ.... 120

**II. НЕГИЗГИ САЯСАТ ЖАНА ПРИОРИТЕТТЕР....121**

**III. ИШ-ЧАРАЛАР ТУУРАЛУУ МААЛЫМАТ ЖАНА БААЛОО ИШТЕРИ .... 123**

А) КАРШЫ ИШТЕРИ БОЮНЧА МААЛЫМАТ....124

1. БЮДЖЕТТИ АТКАРУУНУН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ....124

2. НЕГИЗГИ ФИНАНСЫЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРДҮН ТАБЛИЦАСЫ БОЮНЧА ТҮШҮНДҮРМӨЛӨР....125

В) ИШМЕРДҮҮЛҮКТҮН КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ БОЮНЧА МААЛЫМАТ....135

**IV. ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК ПОТЕНЦИАЛДЫ ЖАНА НАТЫЙЖАЛУУЛУКТУ БААЛОО....140**

А) АРТЫКЧЫЛЫКТАР.... 141

В) КЕМЧИЛИКТЕР.... 142

С) МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР.... 143

D) КООПТУУ ЖАГДАЙЛАР.... 143

**V) УНИВЕРСИТЕТТЕ ИЧКИ КОНТРОЛДУ КАМСЫЗДОО БОЮНЧА БИЛДИРҮҮ....144**

**VI) КАРЖЫЛЫК КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨР БОЮНЧА БӨЛҮМ БАШЧЫСЫНЫН БИЛДИРҮҮСҮ....146**

**КОРУТУНДУ....147**

## ТАБЛИЦАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ

1-Таблица. ”Манас” университетине таандык кыймылсыз мүлктөрдүн бөлүштүрүлүшү........................................................................ 30
2-Таблица. 2015-жылында кошумча курулган имараттар....................................... 31
3-Таблица. Курулушу улантылып жаткан имараттар............................................. 31
4-Таблица. Жабык аянттардын административдик түзүмдөргө бөлүштүрүлүшү ........................................................................ 32
5-Таблица. Жабык аянттардын академиялык түзүмдөргө бөлүштүрүлүшү........................................................................ 36
6-Таблица. Бир студентке туура келген чарчы метрдик аянт................................. 36
7-Таблица. Унаалар..........................................................................................34
8-Таблица. Окуу бөлмөлөрү, дарсканалар ........................................................ 35
9-Таблица. Ашканалар жана кантин-кафетерийлер.............................................. 37
10-Таблица. Конок үйү........................................................................................38
11-Таблица. Кызматкерлердин турак-жайлары.....................................................38
12-Таблица. Студенттер үйү..................................................................................39
13-Таблица. Спорттук объекттер...........................................................................40
14-Таблица. Жыйын залдары жана конференц-залдар.........................................40
15-Таблица. Склад, архив жана устаканалар.........................................................41
16-Таблица. Кинозал жана концерттик залдар.......................................................41
17-Таблица. Программалык жабдыктар жана компьютерлер.................................49
18-Таблица. Китепканалык ресурстар....................................................................52
19-Таблица. Башка маалыматтык жана технологиялык ресурстар........................53
20-Таблица. Маалыматтык жана технологиялык ресурстардын бөлүштүрүлүшү...........................................................................53
21-Таблица. Медициналык жана лабораториялык жабдыктар.................................54
22-Таблица. Кызматкерлердин саны..................................................................... 55
23-Таблица. Академиялык кызматкерлердин саны................................................ 56
24-Таблица. КРсынын жараны болгон академиялык кызматкерлер..................... 57
25-Таблица. ТРсы жана башка мамлекеттердин жараны болгон академиялык кызматкерлер.............................................................. 58
26-Таблица. Башка университеттер тарабынан “Манас” университетине дайындалган академиялык кызматкерлер............... 59
27-Таблица. Академиялык кызматкерлердин жашына карата бөлүнүшү.................59
28-Таблица. Академиялык кызматкерлердин илимий наамына карата бөлүнүшү..........................................................................60
29-Таблица. Келишимдик негизде иштеген толук ставкалуу академиялык кызматкерлер.......................................................................... 61

30-Таблица. Академиялык кызматкерлерди кызмат ордуна дайындоо/кызмат ордунан бошотуу........................................................ 62
31-Таблица. Административдик кызматкерлердин түзүмдөр боюнча санына карата бөлүнүшү................................................................................ 63
32-Таблица. Административдик кызматкерлердин билим деңгээли............................ 63
33-Таблица. Административдик кызматкерлердин кызмат мөөнөтүнө карата бөлүнүшү.............................................................................................64
34-Таблица. Административдик кызматкерлердин жашына карата бөлүнүшү............64
35-Таблица. Административдик кызматкерлерди кызмат ордуна дайындоо/кызмат ордунан бошотуу............................................... 65
36-Таблица. Убактылуу жумушчулар (кызмат орду боюнча)...................................... 65
37-Таблица. Факультет/жогорку мектеп жана кесиптик жогорку мектепке карата орто жана жогорку кесиптик билим берүү программаларынын саны.....................................................................67
38-Таблица. 2014-2015-окуу жылындагы студенттердин жалпы саны.......................... 68
39-Таблица. 2014-2015-окуу жылындагы студенттердин жарандыгына карата саны.........................................................................................70
40-Таблица. Студенттерге бөлүнгөн квота жана квотаны толтуруу коэффициенти......................................................................70
41-Таблица. 2014-2015-окуу жылында окуудан чыгарылган студенттердин саны........................................................................71
42-Таблица. 2014-2015-окуу жылында “Манас” университетине которулган, “Манас” университетинен башка университеттерге которулган жана университеттин ичинде бир факультеттен башка факультетке которулган студенттердин саны...........................................71
43-Таблица. 2014-2015-окуу жылында дисциплинардык жаза алган студенттердин саны........................................................................71
44-Таблица. Стипендия алган студенттердин саны......................................................72
45-Таблица. Бүтүрүүчүлөрдүн саны........................................................................ 73
46-Таблица. Жылдар боюнча ар бир окутуучуга туура келген студенттердин саны........................................................................73
47-Таблица. 2014-2015-окуу жылында профессордук-окутуучулук курамдын ар бир мүчөсүнө туура келген студентердин саны...................73
48-Таблица. 2014-2015-окуу жылында студенттик алмашуу программасы боюнча “Манас” университетине которулган студенттер.......................... 74
49-Таблица.2014-2015-окуу жылында студенттик алмашуу программасы боюнча башка университеттерге которулган студенттер.............................75
50-Таблица. Студенттердин магистратура (диссертациялуу/ диссертациясыз) жана докторантура программаларына карата бөлүнүшү (Социалдык илимдер институту) ....................................................................77

51-Таблица. Студенттердин магистратура (диссертациялуу/ диссертациясыз) жана докторантура программаларына карата бөлүнүшү (Табигый илимдер институту)....79
52-Таблица. “Манас” университетине кирүү сынагы-2015 боюнча абитуриенттердин жалпы саны (статистика) .... 88
53-Таблица. Психологиялык кеңеш берүү.... 90
54-Таблица. Медициналык кызмат көрсөтүүлөр.... 91
55-Таблица. Университеттин спортчулары тууралуу маалымат.... 105
56-Таблица. Сыйлыктар....106
57-Таблица. Спорт жаатындагы сыйлыктар.... 106
58-Таблица. 2015-жылында жүзөгө ашырылган инструкция жана жоболор.... 118
59-Таблица. Бюджеттик кирешелер.... 124
60-Таблица. Бюджеттик чыгашалар.... 125
61-Таблица. 2015-жылындагы чыгашалардын экономикалык жактан бөлүнүшү....127
62-Таблица. 2015-жылында университеттин базасындагы чыгашалар.... 128
63-Таблица. Чыгашалардын бөлүштүрүлүшү.... 128
64-Таблица. 2014-2015-жылында жасалган төлөмдөрдүн экономикалык классификациясы.... 129
65-Таблица. Жылдарга карата бюджеттен бөлүнгөн каражаттар жана чыгашалар.... 130
66-Таблица. 2011-2015-жж. кызматтык иш сапары үчүн төлөнүүчү акыларды каттоо.... 130
67-Таблица. 2015-жылында факультеттерге жумшалган чыгашалардын бөлүштүрүлүшү....131
68-Таблица. 2015-жылында жогорку мектеп/ консерватория/кесиптик жогорку мектепке жумшалган чыгашалардын бөлүштүрүлүшү.... 131
69-Таблица. 2015-жылында институттарга жумшалган чыгашалардын бөлүштүрүлүшү.... 132
70-Таблица. 2015-жылында университеттин башкы имаратына жумшалган чыгашалардын бөлүштүрүлүшү.... 132
71-Таблица. 2015-жылында жасалган административдик чыгашалардын бөлүштүрүлүшү....132
72-Таблица. 2015-жылында студенттерге жумшалган чыгашалар.... 133
73-Таблица. Мурунку жылдары башталган жана улантылып жаткан инвестициялык долбоорлор.... 134
74-Таблица. 2015-жылында аякталган инвестициялык долбоорлор.... 134
75-Таблица. Илимий иш-чаралар.... 135
76-Таблица. Илимий долбоорлор .... 138

## *ГРАФИКТЕР*

1-График. Академиялык кызматкерлердин кызмат ордуна карата бөлүнүшү ........................................57

2-График. Академиялык кызматкерлердин жарандыгына карата бөлүнүшү ........................................58

3-График. Академиялык кызматкерлердин жашына карата бөлүнүшү........................................60

4-График. Кызматкерлердин кызмат ордуна карата бөлүнүшү ............................61

5-График. Административдик кызматкерлердин жарандыгына карата бөлүнүшү (үлүштүк) ........................................62

6-График. Административдик кызматкерлердин кызмат мөөнөтүнө карата бөлүнүшү........................................ 64

7-График. Административдик кызматкерлердин жашына карата бөлүнүшү........................................65

8-График. Студенттердин жарандыгына карата бөлүнүшү..................................70

9-График. 2014-2015-окуу жылындагы студенттердин саны............................... 79

10-График. Бюджеттик кирешелер........................................ 124

11-График. 2015-жылындагы экономикалык классификация деңгээли боюнча бюджеттик төлөмдөр........................................125

12-График.2015-жылындагы чыгашалардын экономикалык классификацияга карата бөлүнүшү........................................127

13-График. 2014-2015-жылындагы чыгашалардын бөлүнүшү...........................128

14-График. 2014-2015-жылдарындагы экономикалык классификация деңгээли боюнча бюджеттик төлөмдөр...............129




# ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН СӨЗҮ

## ЖЕТЕКЧИЛЕРДИН СӨЗҮ





**Ректор жана Биринчи проректордун сөзү**

Өзүнүн түптөлүшүнүн 20 жылдыгын белгилеп жаткан Кыргыз-Түрк "Манас" университети түрк дүйнөсүнүн салттуу баалуулуктарын универсалдуу баалуулуктар менен бириктирип, жаш экенине карабастан бекем жана күчтүү материалдык-техникалык базасы менен азыркы учурда региондогу эң маанилүү илимий мекемелердин бири болуп саналат. Акыркы жылдары улуттук жана эл аралык миссиясынын алкагында билим берүү, илимий изилдөө жана коомчулукка кызмат көрсөтүү жаатында орчундуу кадам жасаган Кыргыз-Түрк "Манас" университети Кыргызстандын жана Орто Азиянын өсүп-өнүгүшүндө жана атаандаштык күчүнүн артышында өзөктүү роль ойной турган долбоор катары тездик менен өнүгүп келүүдө. Университет маалыматтык коомдун маалыматка болгон керектөөсүн канааттандыруу үчүн билим берүү, илимий изилдөө жана коомчулукка кызмат көрсөтүү жаатындагы өз милдеттерин ийгиликтүү аткарууда.

"Манас" университети курулган күндөн баштап дүйнөгө ачылып, тездик менен өнүккөн илим жана технологияга салым кошкон жана түрдүү тармактарда коомдук кызмат көрсөткөн "маалыматтык булак" жана "өнөк" болуу аракетин улантууну көздөйт.

Университет өзүнүн максатына ылайык орток маданий баалуулуктардын негизинде студенттерди биримдикке, ынтымакка, урмат-сыйга, туугандыкка, достукка жана тилектештикке үндөп, жалпы келечекти биргелешип куруу аң-сезиминин өнүгүшүнө салым кошууда. Университетте бүтүрүүчүлөрдүн өз өлкөсүнүн өнүгүшүнө салымын кошо алган, дүйнөнүн каалаган жеринде иштей алган жана жогорку квалификацияга ээ боло алган инсан катары калыптанышына өзгөчө маани берилет.

Орто Азиядагы эң заманбап кампуска ээ болгон "Манас" университети 9 факультетинде, 5 жогорку мектебинде жана 2 институтунда 6 өлкөдөн келген окутуучулардын жардамы менен алгач түрк дүйнөсү жана боордош улуттардын ичинен болуп, 14 мамлекеттен келген ар түрдүү улуттагы 4562 студентке орто, жогорку кесиптик жана жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү жаатында иш-чараларын улантып келүүдө. Эл аралык деңгээлде илимий иш-чараларды жүргүзүп, иш дүйнөсүнө жана коомго кызмат кылууда. Окуу жылынын башынан баштап университетте өткөрүлгөн социалдык, маданий жана спорттук иш-чараларга катышкан студенттер менен кызматкерлердин көп маданияттуу чөйрөдө бири-бирине чыдамдуулук менен

мамиле кылуусу, ар түрдүү жана бай тажрыйбага ээ болуусу, индивидуалдык жана кесиптик өнүгүүсү үчүн университеттин шарт түзүшү ар бир инсандын башкалардан өзгөчөлөнүп турушуна мүмкүнчүлүк түзүп, өзүнчө индивид катары калыптануусу жана акырында дүйнөнү аңдап түшүнүүсү үчүн өз ишмердүүлүгүн ийгиликтүү жүргүзүп келет.

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин алган багытын “коомдун өсүп-өнүгүшүндө чечүүчү роль ойноо жана дүйнөлүк илимге салым кошууда алдыга жылуу аракети” катары мүнөздөсөк болот.

Билим берүү жаатында иш-чараларыбызды жүзөгө ашырууда университет тарабынан кызмат көрсөтүлгөн ар бир чөйрөдөгү олуттуу өзгөрүүлөр жана өнүгүүлөр боюнча натыйжалуулукту жогорулатып, көздөгөн максат жана милдеттерибизге ылайык бардык кызматкерлерибиздин жардамы менен алдыга коюлган максатыбызга жетерибизге ишенебиз. Биргелешип жана талыкпай таза иштеген бардык кызматкерлерибизге, студенттерибизге, бизге көмөк көрсөткөн бардык өнөктөргө жана ушул отчеттун даярдалышына өз салымын кошкон кесиптештерибизге терең ыраазычылыгыбызды билдирип, 2015-жылда аткарылган иш-чаралардын отчетунун пайдалуу болушун каалайбыз .



**Проф., док. Асылбек Кулмырзаев**

**Биринчи проректор**



**Проф., док. Себахаттин Балжы**

**Ректор**



Түркия Республикасында 2006-жылдын 1-январында күчүнө кирген жана ишке кирген жаңы мамлекеттик финансыларды башкаруу системасы мамлекеттик бюджеттен финансылануучу мекемелерге көбүрөөк мүмкүнчүлүк берип, административдик жоопкерчиликтин алкагында берилген мүмкүнчүлүктөрдү стратегиялык пландын негизги максаттарына ылайык пландаштыруу, колдонуу жана жүзөгө ашыруу процесстеринин “айкындык” жана “отчеттулуктун” негизинде жүрүшү үчүн маалыматтык-башкаруу системасы менен катар ар кандай чара көрүү мүмкүнчүлүгүн түздү.

Коомчулукка сунуштоо максатында эл аралык келишимдин негизинде 1995-жылында түптөлгөн университеттин жетекчилеринин атынан даярдалган 2015-жылдагы административдик иштердин отчету мамлекеттик финансыларды башкаруу системасы алып келген “жаңы тартип” жана “түшүнүктүүлүк” принциптеринин алкагында системалык түзүлүштүн ичинде деталдуу түрдө иштелип чыккан.

Университет 9 факультетинде, 3 жогорку мектебинде жана 1 кесиптик жогорку мектебинде орто жана жогорку кесиптик билим берүү программалары боюнча, ошондой эле 2 институнда ЖОЖдон кийинки билим берүү программалары боюнча 5704 студентке билим берип, бардыгы болуп 954 кызматкер, алардын ичинен 514 академиялык кызматкер, 307 административдик кызматкер жана 133 келишимдик негизде иштеген убактылуу кызматкер менен бирге билим берүү жана илимий изилдөө боюнча коомго кызмат көрсөтүүлөрүн ийгиликтүү жүргүзүп келүүдө.

“Айкындык” жана “отчеттуулук” түшүнүктөрүнүн алкагында даярдалган финансылык маалыматтар ички жана тышкы текшерүүлөрдүн жыйынтыктары, ошондой эле таблица жана графиктер менен коштолуп, колдонуучулардын анализдөө ишине ылайык түзүлгөн.

Университеттин 2015-жылындагы административдик иш-чаралардын отчетунун даярдалышында өз салымын кошкон бардык кызматкерлерге терең ыраазычылыгымды билдирем.



Зия Арпалы

Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы



# ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

## КЫРГЫЗСТАН

Памир-Алай тоолорунун түштүк-батыш, Тянь-Шань тоолорунун түндүк-чыгыш жагында жайгашкан жана Орто Азиядагы өлкөлөрдүн бири болгон Кыргызстандын аянты 198.500 миң км2. Кыргызстандын аймагынын 4,4 % пайызын суу, 5,3 % пайызын токойлор, 54,1 % пайызын айыл-чарба жерлери, 36,2 % пайызын болсо башка жерлер ээлейт. Түндүгүндө Казахстан Республикасы, түштүк-чыгышында Кытай Эл Республикасы, батышында Өзбекстан Республикасы, түштүк-батышында Тажикистан Республикасы менен чектешет. Чек арасынын жалпы узундугу 3.878 км.

Советтер Союзу таркагандан кийин 1990-жылдардан баштап Кыргызстанда өлкөнү демократизациялаштырууга багытталган олуттуу иш-чаралар көрүлгөн. 1991-жылдын 31-августунда Кыргыз ССРы Кыргыз Республикасынын мамлекеттик көз каранды эместиги жөнүндө Декларациясын кабыл алган. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 1993-жылдын 5-майында Жогорку Кеңеш тарабынан бир добуштан кабыл алынып, ошол эле убакта Жогорку Кеңештин жалпы жыйынында кабыл алынган чечим менен мамлекеттин расмий аты “Кыргыз Республикасы” деп бекитилген.

Кыргызстан терең ойдуңдар, өрөөндөр жана бийик тоолорго ээ. Деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 2750 метр. Кыргыз Республикасынын эң бийик жери Жеңиш чокусу. Бийиктиги 7439 метр. Эң төмөн жайгашкан жери деңиз деңгээлинен 132 м бийиктикте жайгашкан Кара-Дарыя.

Кыргызстандын негизги байлыгы – элдик маданият. Кылымдар бою Кыргызстандын территориясында жашаган ар түрдүү улуттагы элдердин маданиятын өздөштүрүп жана өнүгүп келген кыргыз маданияты көп түрдүүлүгү жана терендиги менен айырмаланат.



Кыргыздар байыркы түрк элдеринин бири болуп саналат. “Кыргыз” термини б.з.ч. II кылымда кытай булактарында кездешет. Албетте, ушундай узак тарыхка ээ улуттун маданиятын түзгөн бөлүкчөлөрдүн бири болуп бир кыйла бай жана көр түрдүү оозеки чыгармалар эсептелет. Бул чыгармалардын ичинде эң көркөмдүү жана эң көлөмдүү чыгарма болуп кыргыз элинин тарыхын, этнографиясын жана маданиятын чагылдырган “Манас” эпосу саналат.

Кыргыз эли өзүнүн маданиятын дүйнөгө тааныткан залкар жазуучу Чынгыз Айматов менен түбөлүк сыймыктанат. 2008-жылында 80 жашында дүйнөдөн кайткан улуу жазуучу Чынгыз Айтматовдун чыгармалары 130дан ашык тилге которулган.

Кыргызстандын борбор калаасы  жана эң ири шаары – Бишкек. Айрыкча, Чуй областынын борбору болуп саналат. 1878-жылы түптөлгөн шаардын аты Пишпек деп аталып, андан соң Советтер Союзунун мезгилинде Фрунзе болуп өзгөртүлгөн. 1991-жылы борбор шаарыбыз Бишкек атын алган.

Бишкек шаарынын борбордук аянттары, көчөлөрү, проспектилери түз. Айлана-чөйрөнү көркке бөлөп турган бак-дарактар жана сейил бактар менен Бишкек шаары жапжашыл жана көрктүү шаар болуп эсептелет. Шаардын көчөлөрү шахматтын тактасы түрүндө пландаштырылып, көчөлөрдүн эки тарабында бак-дарактарды сугарып туруу максатында тар арыктар жайгашкан. Ушундай жол менен сугарылган бак-дарактар жай мезгилинде күндүн аптабынан сактайт, ошондой эле шаарга өзгөчө көрк берип турат. Чүй областындагы жаңы шаарлардын бири болгон Бишкек шаарында өткөн кылымдарга таандык тарыхый эстеликтер жок, бирок шаардын борбордук аянтында Тарых музейи жайгашкан.



## Кыргыз-Түрк “Манас” Университетинин Курулушу жана Тарыхый Өнүгүүсү

Кыргыз-Түрк «Манас» университети 1995-жылдын 30-сентябрында Түркиянын Измир шаарында Түркия Республикасы менен Кыргыз Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан кол коюлган “Кыргызстандын борбор шаары – Бишкекте “Кыргыз-Түрк “Манас” университетин куруу тууралуу” келишимдин негизинде курулган. 1995-жылы Бишкек шаарынын Манас проспектисинде ижарага алынган чакан имаратта иштей баштаган бул университет таалим-тарбия иштерин 1997-1998-окуу жылында баштаган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2001-жылдын 5-ноябрында кабыл алган 764 номерлүү чечими боюнча эски аэропорттун тилкесинен 85 гектар жер тилкеси 49 жылдык мөөнөт менен университетибизге өткөрүлүп берилген.

Жер тилкелери бөлүнүп берилгенден кийин экономика жана башкаруу факультети менен коммуникация факультетинин имараттарын куруу боюнча тендер жарыяланып, 2002-жылдын 22-майында аты аталган факультеттердин имараттарын куруу иштери башталган.

1997-1998-окуу жылында университетте гуманитардык жана табигый илимдер факультетинин түркология жана тарых бөлүмдөрү, экономика жана башкаруу факультетинин менеджмент бөлүмү, инженердик факультеттин компьютердик инженерия бөлүмү жана чет тилдер жогорку мектебинин түрк жана кыргыз тилдери боюнча даярдоо курсу ачылып, 3 факультет, 4 бөлүм жана 1 жогорку мектепте 86 студент билим алып, бардыгы болуп 127 кызматкер, алардын ичинен 89 административдик жана 38 академиялык кызматкер иштеген.



Университеттин “түзүлүш мезгили” катары каралган алгачкы 15 жылдын ичинде 2009-2010-окуу жылынан баштап бардыгы болуп 2.261 студент орто жана жогорку кесиптик билим алышкан.

2014-2015 окуу жылында түптөлүшүнүн 20 жылдыгын белгилеген жана андан ары өнүгүүгө багыт алган университет 9 факультетинде, 4 жогорку мектебинде, 1 кесиптик жогорку мектебинде, 2 институтунда жана 4 илимий изилдөө борборунда эмгектенген 514

академиялык кызматкер, 307 административдик кызматкер жана 133 келишимдик негизде иштеген кызматкерден турган күчтүү штаттык түзүмү менен бардыгы болуп 4743 студентке билим берип, 617 студентти өз уясынан учурган.

2 кампустук университет статусуна ээ болгон окуу жайыбыз ректораттын башкы имаратында жана Ч. Айтматов атындагы кампуста жайгашкан болжол менен жалпы аянты 110.909,36 чарчы метр болгон жабык аянтта окуу-тарбия иштерин жана административдик кызмат көрсөтүүлөрүн улантып келүүдө.



## А) МИССИЯ ЖАНА КОНЦЕПЦИЯ

### МИССИЯ

Түрк тилдүү жана боордош мамлекеттердин жаш муундарынан баштап, үзгүлтүксүз билим алууга умтулган коомдун бардык катмарларына билим берүү жана орток көз-караштарды иштеп чыгуу максатында өз тармагында мыкты, өзүнө болгон ишеними жогору, орток маданий баалуулуктар алкагында адеп-ахлактык принциптерге жана жалпы дүйнөлүк баалулуктарга ээ болгон, коомдун алдында жооптуу, заманбап, эл аралык деңгээлде иштей алчу адистерди даярдоо жана түрк цивилизациясы менен дүйнөлүк илимге салым кошуу.

### КОНЦЕПЦИЯ

Билим берүү тармагында эл аралык марка катары академиялык иштер жана коомго көрсөтүлгөн кызматтар аркылуу түрк дүйнөсүнө жана жалпы адамзатка салым кошкон "эл аралык деңгээлде абройлуу жана дүйнөгө таанылган университет" болуу.

## ПРИНЦИПТЕР

- Ататүрктүн мекенчилдик түшүнүгүнө, принциптерине жана революциясына таянуу
- Социалдык жоокерчиликти сактоо
- Экологиялык аң-сезимди калыптандыруу жана ар бир кишиге урмат-сый менен мамиле кылуу;
- Коомчулукка кызмат көрсөтүү
- Этикалык баалуулуктарга таянуу
- Коомчулукка кызмат көрсөтүү

- Коомчулукка кызмат көрсөтүү
- Жаңычылдык
- Дисциплиналар арасындагы мамиле
- Башкаруу ишине катышуу
- Жөндөмдүүлүктөрдү өнүктүрүү
- Коллективдик өз ара жардамдашуу

## МАКСАТТАР

- Билим берүүдө эл аралык марка болуу
- Коомчулукка кызмат көрсөтүү
- Тажрыйбалуу адистерди даярдоо
- Билим берүүдө ийкемдүүлүк
- Болонья процессине шайкеш болуу
- Үзгүлтүксүз билим берүү
- Технологияга таянган билим берүү
- Өмүр бою үйрөнүү
- Ички жана тышкы өнөктөштөр менен таасирдүү мамиле жана өнүмдүү кызматташтык түзүү
- Өзгөрүүлөрлүргө шайкештик жана тынымсыз өнүгүү
- Практикалык билим жана технология багытталган илимий-изилдөө жана тажрыйбалык-конструктордук иштер;
- Жергиликтүү жана эл аралык жогорку окуу жайларга мүчө болуу жана аккредитация алуу
- Вертикалдуу өнүгүү Материалдык-техникалык базаны өнүктүрүү
- Жашоо чөйрөлөрдү түзүү
- Интернационалдаштыруу

## B) АНЫКТАМАЛАР, ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ, МИЛДЕТ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕР

1995-жылдын 17-декабрында Кыргыз Республикасы жана Түркия Республикасынын Өкмөттөрү тарабынан “Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Уставы” тууралуу келишимге кол коюлуп, эки өлкөнүн ыйгарым укуктуу органдары тарабынан бекитилгенден кийин күчүнө кирген Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Уставы боюнча:

Университет эки тараптуу келишимдин негизинде курулган өзгөчө статустагы жогорку окуу жай болуп саналат.

Университет юридикалык статуска жана илимий өзүнчөлүккө ээ.

Университеттин эң жогорку чечим чыгаруучу органы болуп Камкорчулар кеңеши саналат. Камкорчулар кеңеши англо-саксондук университет моделине окшош жана көз карандысыз орган болуп, университет менен эки өлкөнүн Өкмөттөрү арасындагы мамилелерди жөнгө салат.

Административдик, финансылык жана академиялык жактан текшерүү иштерин көз карандысыз орган – “Текшерүү комиссиясы” жүргүзөт.

Университеттин жетекчилиги биргелешкен башкаруу принцибине таянат. Тараптардын башкаруу органында жана көзөмөлдөө органында тең өкүлчүлүгү бар.

Университетте берилен дипломдор эки өлкө тарабынан таанылат.

## C) УНИВЕРСИТЕТ ТУУРАЛУУ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

Кыргыз-Түрк “Манас” университети окуу-тарбиялоо иштерин жана административдик кызмат көрсөтүүлөрүн Ректораттын башкы имаратында жана Ч. Айтматов атындагы кампустун ичинде жайгашкан имараттарда жүргүзүп келет.

### 1. Материалдык-техникалык база

### БАШКЫ ИМАРАТ






## РЕКТОРАТТЫН БАШКЫ ИМАРАТЫ

Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан 1995-жылы университетке өткөрүлүп берилген бул имарат 1998-жылы реконструкцияланып жана оңдолуп бүткөн. Бул иш-чараларга 14 миллион АКШ доллары жумшалып, 1998-жылдын 13-ноябрында эки өлкөнүн Президенттеринин катышуусунда имараттын ачылыш аземи болуп өткөн.

**Жалпы аянты 10.300 чарчы метрди түзгөн бул имаратта төмөнкү түзүмдөр жайгашкан:**

Ректорат;

Чет тилдер жогорку мектеби;

Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби;

Административдик-чарбалык ишти камсыздоо башкармалыгы;

Стратегиялык пландаштыруу башкармалыгы;

Кадрлар башкармалыгы;

Студент жана кызматкерлерге тамактануу боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзгөн ашкана жана кантин-кафетериялар;

Жалпы аянты 726 чарчы метрди түзгөн китепкана

Жашылдандыруу, электр энергиясын камсыздоо, электроника, металл жана жыгач иштетүү, сантехника ж.б. кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзгөн устаканалар бар.

## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ КАМПУС

### ЭКОНОМИКА ЖАНА БАШКАРУУ ФАКУЛЬТЕТИ

Экономика жана башкаруу факультетинин имараты 2005-жылдын март айында ачылып пайдаланууга берилген. Бул имаратта экономика жана башкаруу факультети, гуманитардык факультет, студенттик иштер башкармалыгы, маалыматтык технологиялар башкармалыгы, басма жана полиграфиялык иштер мүдүрлүгү жайгашкан.



### КОММУНИКАЦИЯ ФАКУЛЬТЕТИНИН ИМАРАТЫ

Коммуникация факультетинин имараты 2005-жылдын апрель айында ачылып пайдаланууга берилген. Бул имаратта коммуникация факультети, теология факультети жана «Манас» радиосу жайгашкан.



## КЕСИПТИК ЖОГОРУ МЕКТЕБИ



2008-2009 окуу жылында коммуникация факультетинин эки бюросу менен экономика жана башкаруу факультетинин 3 аудиториясында 3 окуу программасы менен окуу-тарбия иштерин жүргүзгөн кесиптик жогорку мектеби 2009-жылдын сентябрь айынын аягында басмакана катары кабыл алынган 5816 чарчы метрдик ачык аянтка жана 3576 чарчы метрдик жабык аянтка ээ болгон имаратка көчүрүлгөн.

2014-2015 окуу жылында кесиптик жогорку мектебинде бардыгы болуп 213 студент билим алган. Бул студенттердин арасынан 13ү “Офис-менеджмент жана жетекчинин жардамчысы”, 20сы “Бухгалтердик эсеп”, 22си “Курулуш технологиясы” жана 15и “Автоунааларды оңдоо жана тейлөө” окуу программалары боюнча бардыгы болуп 70 студент окуусун бүтүргөн.







## ТЕХНОЛОГИЯ БОРБОРУ




2011-2012-окуу жылында ветеринардык факультет, көркөм өнөр факультети жана консерваторияга эксплуатацияга берилген 3442 чарчы метрдик жабык аянтка ээ болгон, 30 даана лаборатория жана устакана, профессордук-окуутучулук курамдын мүчөлөрү жана кызматкерлер үчүн 31 даана кабинет, 10 даана дарскананы камтыган жана тез тургузулчу конструкциялардан (металл конструкциялары) курулган имарат пайдаланууга берилген. Бул имарат жакынкы келечекте курула турган технопарктын биринчи баскычы болгон технология борборубузду түзөт.

## ИЛИМИЙ ИЗИЛДӨӨ БОРБОРЛОРУ



Өзүнчө турган эки кабаттуу 5 имаратта илимий изилдөө борборлору менен катар консерватория, дене-тарбия жана спорт жогорку мектеби, бардык кызматкерлерге медициналык-социалдык кызмат көрсөткөн ден соолукту чыңдоо борбору менен социалдык багытта колдонулган VIP конoктор үйү бардык студенттерибизге жана кызматкерлерибизге пайдаланууга берилген.

## СОЦИАЛДЫК БАГЫТТАГЫ ИМАРАТ ЖАНА СТУДЕНТТЕР ҮЙҮ



4710 чарчы метрдик жабык аянтка ээ болгон социалдык багыттагы имарат 2012-жылдын август айында пайдаланууга берилген. Ал эми 11997 чарчы метрдик жабык аянтка ээ болгон студенттер үйү 2013-жылдын сентябрь айында эксплуатацияга берилген.

Мындан сырткары Ч.Айтматов атындагы кампустагы окуу залдарга болгон керектөөнү камсыздоо үчүн 390 чарчы метрдик жабык аянтка ээ болгон Чыңгыз Айтматов атындагы окуу залынын курулуш иштери 2012-жылдын февраль айынын аягына чейин бүтүрүлүп, пайдаланууга берилген.

Университеттин ичинде жайгашкан жеке менчик 9 кабаттуу имараттан 42 батир сатып алынып, ал имаратта оңдоп-түзөө иштерижүргүзүлүп, студенттерге жатакана катары пайдаланууга берилген.

## РЕКТОРАТ, ТАБИГЫЙ ИЛИМДЕР ФАКУЛЬТЕТИ ЖАНА ИНЖЕНЕРДИК ФАКУЛЬТЕТТИН ИМАРАТЫ



Бул имарат 13.463 чарчы метрдик жабык аянтка ээ болгон 2 эки блоктон турат.

Ректорат жайгашкан блоктун 1-кабатында административдик түзүмдөр жана көргөзмө залы, 2-кабатында ректордун, биринчи проректордун жана проректорлордун кабинеттери, башкы катчылык, тышкы байланыш бюросу, 232 орундук конференц-залы жана окумуштуулар кеңешинин залы жайгашкан.



Табигый илимдер факультети жана инженердик факультет жайгашкан блокто 15 аудитория, 28 лаборатория, профессордук-окутуучулук курамдын мүчөлөрү үчүн 38 кабинет, кантин, студенттик клуб, архив бөлмөсү жана техникалык бөлмө жайгашкан.

## ТЕОЛОГИЯЛЫК ФАКУЛЬТЕТТИН АБДУЛКЕРИМ САТУК БУГРА АТЫНДАГЫ ОКУУ-ПРАКТИКАЛЫК МЕЧИТИ



4.000 чарчы метрдик аянтка ээ болгон университеттин окуу-практикалык мечитинин куполунун диаметри 26 м, бийиктиги 34 м жана намаз окулуучу жердин жалпы аянты 2464 чарчы метрди түзөт. Бийиктиги 59 м болгон үч балкондуу эки мунарасы бар.

## ЖАБЫК СПОРТ КОМПЛЕКСИ

Жабык спорт комплекси 1 даана көп максаттуу баскетбол волейбол жана гандбол аянтчасы, 550 орундук көрүүчүлөр трибунасы жана чоң мансаптагы коноктор үчүн трибуна, гимнастикалык зал, чечинүү бөлмөлөрү, окутуучулардын кабинеттери жана аудиториялар, жетекчилердин кабинети, радио жана спикердин бөлмөсү жана спорттук шаймандар бөлмөлөрүнөн турат.





Мечит намаз окулуучу жер, имамдын бөлмөсү, кызматкерлердин турак-жай бөлмөлөрү, башкаруу бөлмөсү, дааратканалар, морг, өлүк жуулучу жер, көп максаттуу салон, китепкана, окуу залы, семинар залы, складдар, мал союулуучу жер жана кызматкерлердин бөлмөлөрүнөн турат.



## БИШКЕК ТҮРК БАШТАЛГЫЧ МЕКТЕП, ОРТО МЕКТЕП ЖАНА ИМАМ ХАТИП ОРТО МЕКТЕБИНИН ИМАРАТЫ



ТРсынын Улуттук билим берүү министрлигине караштуу Бишкек башталгыч мектептин жана орто мектептин имараты “А, Б жана В” блокторунан турат.

5.946 чарчы метрдик жабык аянтка ээ болгон 600 орундук имарат 21 даана дарскана (30 орундук), 4 даана лабораториялык кабинет, 1 даана компьютердик лаборатория, 46 орундук китепкана, 230 орундук көп максаттуу зал, 134 орундук ашкана жана мектеп жашына чейинки балдарды тарбиялоо бөлмөлөрүнөн турат.

### 1.1. Кыймылсыз мүлктөр

### 1.1.1. Жабык аянттардын бөлүштүрүлүшү

Кыргыз-Түрк “Манас” университети башкы имаратта жана Ч. Айтматов атындагы кампуста бардыгы болуп болжол менен 110.909,36 чарчы метрдик жабык аянтта жана 6.941 чарчы метрдик ачык спорт объекттеринде кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүп келет.

**1-Таблица. “Манас” университетине таандык кыймылсыз мүлктөрдүн бөлүштүрүлүшү**

| Имараттын аталышы | Жалпы (м²) | Түшүндүрмө |
|---|---|---|
| Башкы имарат | 10.300 | Колдонулууда |
| Студенттер үйү | 18.694 | Колдонулууда |
| Кесиптик жогорку мектеп | 3.573,65 | Колдонулууда |
| ТӨМЕР-“Анадолу” лицейи | 1.720,75 | Колдонулууда |
| Кызматкерлердин турак-жайы | 8.372 | Колдонулууда |
| Спорттук объекттер | 8.588 | Колдонулууда |
| Факультеттердин кошумча эки кабаттуу имараттары-5 даана | 1.406 | Колдонулууда |
| Технология борбору | 3.442 | Колдонулууда |
| Коммуникация факультети | 9.966 | Колдонулууда |
| Экономика жана башкаруу факультети | 12.445 | Колдонулууда |
| Окуу залы | 395 | Колдонулууда |
| Социалдык багыттагы имарат | 4.921,93 | Колдонулууда |
| Ректорат, табигый жана инженердик факультеттер | 13.463 | Колдонулууда |
| Ветеринардык клиника | 496 | Колдонулууда |
| Милициялык пункт | 52,83 | Колдонулууда |
| Балдарды өнүктүрүү борбору | 132 | Колдонулууда |
| Башталгыч мектеп | 5.946,20 | Колдонулууда |
| Жабык спорт комплекси | 2.995 | Колдонулууда |
| Теология факультети жана мечит | 4.000 | Колдонулууда |
| **ЖАЛПЫ** | **110.909,36** | |

Булак : Курулуш иштери башкармалыгы

| 2-Таблица. 2015-жылында эксплуатацияга берилген кыймылсыз мүлктөр | | |
|---|---|---|
| **Кампустун аталышы** | **Имараттын аталышы** | **Аянты (м²)** |
| 2014-ж. аягында жалпы жабык аянты (м²) | | 84.613,16 |
| Чыңгыз Айтматов атындагы кампус | Башталгыч мектеп | 5.946,20 |
| Чыңгыз Айтматов атындагы кампус | Жабык спорт комплекси | 2.995 |
| Чыңгыз Айтматов атындагы кампус | Ректорат, табигый жана инженердик факультеттер | 13.463 |
| Чыңгыз Айтматов атындагы кампус | Кесиптик жогорку мектептин имаратына кошумча имарат | 120 |
| Чыңгыз Айтматов атындагы кампус | Теология факультети жана мечит | 4.000 |
| Чыңгыз Айтматов атындагы кампус | Курулуш иштери жана маалыматтык технологиялар башкармалыктарынын административдик имараты | 228 |
| **2015-ж. аягында жалпы жабык аянты (м²)** | | **110.909,36** |

| 3-Таблица. Курулушу улантылып жаткан имараттар | | |
|---|---|---|
| **Имараттын аталышы** | **м²** | **Аяктоо датасы** |
| Айыл чарба факультети жана Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби – окуу комплекси | 8.301 | 31.07.2016 |
| Ветеринардык факультет, институттар – изилдөө борборлору | 14.328 | 31.07.2016 |
| Спорт комплексине кошумча объекттер жана унаа токтомо жайлары | 23.592 | 30.06.2016 |
| Теология факультети | 2.662 | 31.12.2016 |
| **ЖАЛПЫ** | **48.883** | |

### 1.1.2. Жабык имараттардын кызмат чөйрөсүнө карата бөлүштүрүлүшү

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде академиялык жана административдик түзүмдөрдүн ичинде эксплуатацияга берилген имараттардын жалпы аянты болжол менен 40.955,08 чарчы метрди түзөт.

**4-Таблица. Жабык имараттардын административдик түзүмдөргө карата бөлүштүрүлүшү**

| Кызмат чөйрөсү | Башкы имарат (m²) | Cal Yerleşkesi (m²) | Toplam (m²) |
|---|---|---|---|
| Ректорат | 462 | 771 | 1233 |
| Башкы катчылык | 241 | 122 | 363 |
| Маалыматтык технологиялар башкармалыгы | 35 | 303 | 338 |
| Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы | 476,2 | 1.396,57 | 1.872,77 |
| Ден-соолук, маданият жана спорт башкармалыгы | 415 | 335,22 | 750.22 |
| Студенттик иштер башкармалыгы | 15,93 | 138,92 | 154,85 |
| Кадрлар башкармалыгы | 90 | - | 90 |
| Административдик-чарбалык иштерди камсыздоо башкармалыгы | 2.951 | 869,39 | 3.820,39 |
| Курулуш иштери башкармалыгы | 171 | 399 | 570 |
| Стратегиялык пландаштыруу бөлүмү | 140,82 | - | 140,82 |
| Котормо бюросу | 24 | - | 24 |
| Басма сөз жана коомчулук менен байланыш бюросу | 34 | - | 34 |
| Басма иштери жана полиграфия бөлүмү | - | 196,69 | 196,69 |
| Манас радиосу | - | 880,29 | 880,29 |
| Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борбору | - | 45,05 | 45,05 |
| **ЖАЛПЫ** | **5.055,95** | **5.457,13** | **10.513,08** |



**5-Таблица. Жабык имараттардын академиялык түзүмдөргө карата бөлүштүрүлүшү**

| Кызмат чөйрөсү | Башкы имарат | Жал Кампусу (м²) | Жалпы (м²) |
|---|---|---|---|
| Гуманитардык факультет | - | 1.821 | 1.821 |
| Табигый илимдер факультети | - | 1.702 | 1.702 |
| Көркөм өнөр факультети | - | 778 | 778 |
| Экономика жана башкаруу факультети | - | 1.650 | 1.650 |
| Коммуникация факультети | - | 2.416 | 2.416 |
| Теология факультети | - | 862 | 862 |
| Инженердик факультет | 114 | 2.806 | 2.920 |
| Ветеринардык факультет | - | 1.373 | 1.373 |
| Айыл чарба факультети | - | 1.376 | 1.376 |
| Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | - | 3.972 | 3.972 |
| Консерватория | - | 1.540 | 1.540 |
| Туризм жана мейманкана иштетүү жогорку мектеби | 288 | 473 | 761 |
| Чет тилдер жогорку мектеби | 2.574 | - | 2.574 |
| Кесиптик жогорку мектеп | - | 2.130 | 2.130 |
| Табигый илимдер факультети | - | 156 | 156 |
| Социалдык факультеттер факультети | - | 121 | 121 |
| Түрк цивилизациясын изилдөө борбору | - | 290 | 290 |
| Мечит | - | 4000 | 4000 |
| **ЖАЛПЫ** | **2.976** | **27.466** | **30.442** |

**6-Таблица. Бир студентке туура келген аянт (м2)**

| | Аянт (м²) | Студенттердин саны | Бир студентке эсептелген аянт (м2) |
|---|---|---|---|
| Ачык аянттар | 853.200 | 5.074 | 168,15 |
| Жабык аянттар | 110.909,36 | 5.074 | 21,85 |
| Окуу аянттары | 30.442 | 5.074 | 5,99 |

## 1.2. Унаалар

**7-Таблица. Унаалар**

| Унаанын түрү | Номери | Сатып алынган күнү | Камсыздоо түрү |
|---|---|---|---|
| Жеңил автоунаа (жеке автоунаа) | 4751 BC | 19.08.2008 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (жеке автоунаа) | 1014 BC | 19.08.2008 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (жеке автоунаа) | 3831 BC | 19.06.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 3832 BC | 19.06.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 3833 BC | 19.06.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 4293 BC | 18.09.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 4294 BC | 18.09.2013 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 2078 BC | 29.05.2008 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 06LGS38 | 15.03.2004 | Сатып алуу |
| Жеңил автоунаа (кызматтык автоунаа) | 06FF8337 | 29.04.2004 | Сатып алуу |
| Минибус (15 орундук кызматтык автоунаа) | KGBH 5276 | 17.08.2000 | Сатып алуу |
| Минибус (15 орундук кызматтык автоунаа) | 0096 BC | 21.06.2013 | Сатып алуу |
| Пикап (3 же 6 орундук кызматтык автоунаа) | 0059 BC | 20.03.2013 | Сатып алуу |
| Пикап (3 же 6 орундук кызматтык автоунаа) | 6933 BA | 17.03.2001 | Сатып алуу |
| Автобус (27 орундук кызматтык автоунаа) | 7556 BA | 31.01.2002 | Сатып алуу |
| Тез жардам автоунаасы (медициналык жабдыктар иене жабдылган) | 6903 BA | 02.03.2001 | Сатып алуу |
| Трактор | - | - | Сатып алуу |
| **Жалпы** | **17** | | |

### 1.3. Окуу бөлмөлөрү, дарсканалар

Кыргыз-Түрк “Манас” университетиндеги окуу бөлмөлөрүнүн сыйымдуулугуна жараша бөлүштүрүлүшү 7-таблицада берилген. Теориялык сабактар өтүлүүчү лекциялык залдар жана дарсканалардык жалпы саны 107ге жетет.

**8-Таблица. Окуу бөлмөлөрү, дарсканалар**

| Окуу бөлмөсү (даана) | Лекциялык зал | Дарскана | Компьютердик лаборатория | Башка лаборатория | Жалпы |
|---|---|---|---|---|---|
| 0–25 орундук | - | 32 | 4 | 24 | 60 |
| 26–50 орундук | 1 | 62 | 8 | 10 | 81 |
| 51–75 орундук | - | 4 | - | - | 4 |
| 76 жана андан көп орундук | 7 | 1 | - | 1 | 9 |
| **Жалпы** | **8** | **99** | **12** | **35** | **154** |



Университетте окуу-тарбиялоо жана илимий изилдөө иштеринин сапатын жогорулатуу, ошондой эле студенттердин практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү максатында лабораториялар жабдыктар жана технология жагынан жакшыртылып, ошондой эле заманбап технология менен жабдылган жаңы лабораторияларды куруу иш-чаралары башталган.

Бул жаатта факультеттердин жана жогорку мектептердин базасындагы 9 лаборатория жабдыктар жана технология жагынан жакшыртылып, 47 жаңы лаборатория, устакана, ТВ студиясы жана смарт класс ачылган. Заманбап жабдыктар менен жабдылган, HD сапаттагы Касым Карахан атындагы смарт класс жана көркөм өнөр факультетинин базасында театралдык сахна ачылган.






Ошондой эле университет менен Конфуций институту ортосунда түзүлгөн кызматташтык алкагында гуманитардык факультеттин чыгыш тилдери бөлүмүндө көп максаттуу Конфуций атындагы мультимедиалык аудитория ачылган. Бул аудиторияда бөлүмдө өткөрүлүүчү сабактар менен кошо КТМУнун алдындагы үзгүлтүксүз билим берүү борбору тарабынан кытайча курстар берилет.



Радио-ТВ Мүдүрлүлүгүнүн Ректорлуктун атынан жана анын колдоосу менен жүргүзгөн иш-аракеттердин натыйжасында окуу жайдын ТВ студиясы ‘sd’ден ‘full hd’ форматына толук өткөрүлүп, IP TV курулуп, өлкөнүн бардык аймагына теле аркылуу обого чыгуу үчүн мүмкүнчүлүк бере турган лицензиялар алынды. Агартуучу жана университет жаштарынын телеканалы катары статуска ээ боло турган “Манас TV” телеканалынын эфирдик убактысын толтуруу үчүн Радио-ТВ Мүдүрлүлүгү тарабынан телеберүүлөр тартыла баштады жана ТРТнин Башкы Мүдүрлүгүнүндөн агартуучу жана жаштардын каналынын форматына туура келген программалар алынды. Университеттин студиясы, ТРТ жана Кыргызстан каналлары менен продюсерлери тарабынан байма-бай колдонула баштады. Студияда тартылып, даярдалган жана ар кыл каналлар аркылуу эфирге чыккан программалар, университеттин позитивдүү имиджин түзүүгө өбөлгө түзүп келет.

Мындан сырткары “Манас FM”, Бишкек жана Чүйдөн башка Чолпон-Ата, Нарын жана Талас оластарында да эфирге чыгып баштап, республикалык деңгээлде эфирге чыккан радио статусуна ээ болду. Ректорлуктун колдоосу менен Радио-ТВ Мүдүрлүлүгү тарабынан жаштардын тандоосу, табити эске алынып, соңку интернет тенологияларын колдонуу менен түзүлгөн “mediamanas.kg” дареги аркылуу эфирге чыккан жаңы интернет баракчасы: теле-радио жана интернет журналистикасын эффективдүү түрдө бир жерде топтой алды.





## 1.4. Социалдык багыттагы имараттар

Студенттерге, кызматкерлерге ж.б. кишилерге социалдык кызмат көрсөткөн кантин, студенттер үйлөрү ж.б.у.с. объекттер төмөнкү таблицада көрсөтүлгөн.

Университеттин территориясында 1374 орундук кыз жана эркек студенттери үчүн студенттер үйлөрү, 10 батирлүү конок үйлөрү, 1 конок үйү, 78 батирлүү кызматкерлердин турак-жайы, ТРнын башталгыч мектеби жана “Анадолу” лицейи, ачык спорт комплекси (футбол талаасы, баскетбол жана волейбол аянтчалары, теннистик корт, балка ыргытуу, чуркоо аянты ж.б.) жайгашкан.

### 1.4.1. Ашкана жана кантин-кафетериялар

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин студенттери менен академиялык жана административдик кызматкерлеринин тамактанууга болгон керектөөсүн камсыздоо үчүн ар бир кампуста ашкана жайгашкан. Ар бир ашканада тамак берилип, муктаж болгон студенттер университеттин кызматкерлери тарабынан көрсөтүлгөн финансылык жардамдардын негизинде акысыз тамак-аш менен камсыздалышат.

**9-Таблица. Ашкана жана кантин- кафетериялар**

| Түзүмдөр | Даана | Жабык аянт (м2) | Сыйымдуулугу (орундук) |
|---|---|---|---|
| Университеттин башкы имаратындагы студенттик ашкана | 1 | 208 | 238 |
| Социалдык багыттагы имаратта студенттик ашкана | 1 | 725 | 372 |
| Университеттин башкы имаратындагы кызматкерлер үчүн ашкана | 1 | 110 | 100 |
| Социалдык багыттагы имаратта кызматкерлер үчүн ашкана | 1 | 725 | 301 |
| Көп функционалдуу жыйын залы | 1 | 286 | 85 |
| VIP конок үйү | 1 | 73 | 35 |
| Мини-маркет | 1 | 15 | - |
| Университеттин башкы имаратындагы кантин | 1 | 67 | 56 |
| Кесиптик жогорку мектептин имаратындагы кантин | 1 | 190 | 43 |
| Студенттер үйүндөгү (А корпусу) кантин | 1 | 131 | 66 |
| Студенттер үйүндөгү (Б корпусу)кантин | 1 | 127 | 60 |
| Экономика жана башкаруу факультетинин имаратындагы кантин | **1** | **174** | **96** |
| Инженердик факультеттин имаратындагы кантин | **1** | **628** | **60** |
| **ЖАЛПЫ** | **13** | **3.409,00** | **1,452** |

### 1.4.2. Конок үйү

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Ч. Айтматов кампусунда орун алган кызматкерлердин турак-жайынын имаратында 8 батирлүү 1 даана жеке турак-жай тибиндеги конок үйү жайгашкан.

10-Таблица. Конок үйү

| Конок үйү | Даана | Жабык аянт (м2) | Сыйымдуулугу (орундук) |
Университетте 11 өлкөдөн жана 23 боордош мамлекеттен келип, билим алып жаткан көп улуттуу студенттердин арасынан ар бир өлкөдөн эки активдүү студент тандалып, алар Эл аралык студенттик координаторлукта ыктыярдуу түрдө иштешет. 2015-2016-окуу жылында Эл аралык студенттик координаторлугу тарабынан чет мамлекеттен келген студенттердин проблемалары менен киргизген сунуштарынын үстүндө иштөө, жаңы долбоорлор тууралуу ой бөлүшүү, иш жүзүнө ашырылып жаткан долбоорлор тууралуу маалымат берүү максатында эки жумада бир жолу регулярдуу жыйындар өткөрүлдү. Университетте өткөрүлгөн социалдык, маданий жана спорттук иш-чараларга активдүү катышуу менен бирге таанытуу иш-аракеттерине дагы абдан маанилүү салым кошуп келишүүдө. Окуу жылынын башында жаңы келген студенттер үчүн өткөрүлүүчү багыт берүүчү иш-чараларга да колдоо көрсөткөн студенттерибиз, ар түрдүү мамлекеттерден келген студенттердин биримдик жана ынтымак ичинде жаңы шарттарга тез көнүп кетүүлөрүндө зор роль ойношот.

2015-2016-окуу жылында Эл аралык студенттик координаторлугу тарабынан “Сенин музыкаң”, “Spelling Bee”, Түрк дүйнөсүнүн Жылдыздары”, “Университетим - Манас”, “өлкөнүн ашканасы” сыяктуу долбоорлор иш ашты.

### 5.3. КТМУнун бүтүрүүчүлөр жана кызматкерлер биримдиги

Университет, өзүнүн копоративдик иденттүүлүгүн чыңдоо максатында бүтүрүүчүлөр менен болгон байланышка өзгөчө маани берип келет. Ушуга байланыштуу Бүтүрүүчүлөр уюму 2006-жылы түзүлүп, "Манас" университетинин бүтүрүүчүлөрүн бириктирүү, керектүү билим, маалымат жана пикир алмашуу, ар түрдүү багытта жүргүзүлгөн иш-чаралар аркылуу бир жерде чогултуу жана Манас рухун жаратуу үчүн 2010-жылдын октябрында www.manasmezunlari.com веб-баракчасын иштеп чыккан.

Жогоруда көрсөтүлгөн максатка ылайык, ар бир академиялык жылда Бүтүрүүчүлөр күнүн уюштуруп, "Манастын" бүтүрүүчүлөрү менен кызматкерлеринин кесиптик жана социалдык жактан жетишкендиктерин көзөмөлгө алып, алардын бири-бири менен тажрыйба алмашуусун камсыз кылат.

Университеттин бүтүрүүчүлөрү менен ар дайым байланышта болуп, керектүү маалымат жана ой-пикир менен бөлүшүп, түрдүү себептер менен жолугушуп туруу жана Манас атанын элесине уюшулган.

Кыргыз-Түрк "Манас" Манас университетинин бүтүрүүчүлөр жана кызматкерлер биримдиги 2014-жылы да бүтүрүүчүлөр менен болгон байланышын мыкты жүргүздү. Ошону менен катар эле, бүтүрүүчүлөрдүн адистик жана тармактык багытта иш алпаруусу боюнча анализ жүргүзүп чыгышкан.



Кыргыз-Түрк "Манас" Манас университетинин бүтүрүүчүлөр жана кызматкерлер биримдиги тарабынан салттуу түрдө уюштурулган кышкы экскурсиясы 2014-жылдын 15-февралында "Зил" Лыжа базасында болуп өттү. Экскурсияга 60ка жакын бүтүрүүчүбүз жана кызматкерибиз катышты. Университеттин ректору, проф.



докт. Себахаттин Балжы жана Хаккари университетинин ректору, проф. докт. Эбубекир Жейлан жана башка жетекчилер, кызматкер жана бүтүрүүчүлөр менен бирге жагымдуу атмосфера ичинде өткөрүлдү.



## 5.4. Иш чөйрөсү жана коомчулук менен байланыштар

Университет коомчулук жана ишкер дүйнөсү менен айкалышуусу жана өзүнүн өнөктөштөрүнө таанылуу максатында ар кыл мекеме жана уюмдарга барып, алар менен жакын таанышып, андан сырткары ошол өнөктөрүнүн жигердүү катышуусу менен социалдык, маданий, искусство жана спорттук иш-чаралар уюштурулуп келет. Ушундам улам студенттерибиздин ата-энелери менен байланыштарды бекемдөө максатында ата-эне жана үй-бүлөлүк кеңештер түзүлдү.

Бул багытта үзгүлтүксүз, системалуу иш алып барууга негиз болуп бере турган “Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин консультациялык кеңеш-берүү комиссияларынын түзүлүшү, иштеши, процедура жана негиздери боюнча инструкциясы” жана “Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ата-эне жана үй-бүлөлүк кеңештеринин түзүлүшү, иштеши, процедура жана негиздери боюнча инструкциясы” иштелип чыккан. Түзүлгөн ата-эне жана үй-бүлөлүк кеңештер жигердүү түрдө өз ишмердүүлүктөрүн жүргүзүүдө. Университетти таанытууда студенттердин активдүү роль алуусу үчүн студенттик кеңеш жана бул кеңештин астында түзүлгөн студенттик клубтардын окуу жайга жана коомчулукка багытталган иш-чараларына (акыл зирек таймаштары, карьера күндөрү, дебаттар, маанилүү даталарды белгилөө, эскерүү кечелери, таанытуу жана социалдык жардам көрсөтүү программалары жб.у.с.) дем берилип, колдоо көрсөтүлүп келет.

### а. Ишкер чөйрөсү менен байланыштар жана кызматташтыктар

Жаңычыл жана демилгелүү университет болуу максатында ишкер чөйрөсү менен тыгыз, эки тарапка пайдалуу боло тургандай жана бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болуусун жеңилдеткен кызматташтыктар түзүлүп жатат. Негизги максат - агартуу жана илимий изилдөө долбоорлорун иштеп чыгуу жана тийиштүү сектордун өкүлдөрүн бул долбоорлорго тартуу, бул долбоорлордун натыйжаларын ишкер дүйнөсүнө билдирүү. Бул иш-аракеттер, университеттин жаңы ресурстар менен камсыз болушуна жана бүтүрүүчүлөрдүн бул секторлордо оңой иш табууларын өбөлгө болмокчу.

Жергиликтүү жарандык коом жана эл аралык уюмдар менен ишкер чөйрөсү менен түзүлгөн кызматташтыктар аркылуу университет ишкер чөйрөсү менен да бүтүндөшүп, коомчулуктун приоритеттүү муктаждыктарына жараша билим берүү ишмердүүлүгүн жүргүзүү үчүн керектүү тармактар да аныкталууда жана окуу программалары да жаңылануууда.

Мындан сырткары ишкер чөйрөсүнүн муктаж болгон тармактар боюнча орток долбоорлордун иштелип чыгышы, консультациялык кызматын көрсөтүү, жумушчу күчүнүн билим жана жөндөмдөрүн арттыруу максатында кыска жана тематикалык атайын курстардын уюштурулушу жана университеттин өзүнө таандык имарат, лаборатория жана жабдыктарды коом менен бөлүшүү үчүн атайын чараларды көрүп келет. Аткарылган ушул иш-аракеттердин негизинде студенттердин өндүрүштүк практикадан өтүүгө жана бүтүрүүчүлөрдүн иш менен камсыз болушуна шарттар түзүлүп, ишкер чөйрөсү менен билим жана тажрыйба алмашуулар ишке ашырылууда.

Кыргыз Республикасынын жарандары болгон жаштардын, Кыргызстан менен Түркияда ишке орношууларын камсыздоочу сапаттарга ээ кылуу максатында университеттин Үзгүлтүксүз Билим берүү борборунун негизинде баштатылган Сапаттуу жумушчу күчүн өнүктүрүү долбоору ошол эле учурда бир социалдык жоопкерчилик жана

Түрк тилин үйрөтүүчү долбоору катары өз ишин улантууда (http://nigep.manas.edu. kg/).

Кыргыз Республикасынын Президентинин Аппараты тарабынан даярдалган 2013-2017 Улуттук стратегиялык планда көрсөтүлгөн 27 маселенин ичинен университет:

1. Микрокаржылоонун базасын өркүндөтүү жана насыянын үстөк пайыздарынын төмөндөтүлүшүнө байланышкан сунуштарды иштеп чыгуу,

2. Учурдагы финансылык анализ (бюджетттик-салык) жана Кыргызстандын Бирдиктүү экономикалык аймактын составында болушу үчүн бюджеттин тийиштүү параметрлерин даярдап чыгуу,

3. Кыргызстанда саламаттык системасынын анализи

4. Кыргыз Республикасында жарандык идентификация маселелери (социологиялык изилдөө),

5. Кыргызстанда диний абал жана тышкы факторлордун буга тийгизген таасири,

6. Мамлекеттик билим берүү мекемелеринде дин таануу боюнча сабактардын өткөрүлүшү тууралуу пикирлер,

7. Диний жогорку билим берүү мекемелеринде окутуу системасы,

8. 2020-2030-жылдарга карата диний абалдын анализи,

9. Кыргызстанда туризм секторунун өнүгүшүнө байланышкан стратегияны иштеп чыгуу боюнча долбоор даяралган.

**b. Өнөктөштөр**

Университеттин ар бир сектордон көптөгөн өнөктөштөрү менен ортолорунда ишенимди арттырган байланыштарды бекемдеп, маалымат агыны менен кызматташтыкты камсыз кыла тургандай жыйындардын, ар түрдүү социалдык маданий иш-чаралардын уюштурулушуна жана орток долбоорлордун иштелип чыгышына маани берип келет.

**c. Коомчулукка кызмат кылуу, социалдык жоопкерчилик иш-чаралары**

Кыргыз-Түрк «Манас» университети өзүнүн чөйрөсүндөгүлөрдөн тартып, коомчулуктун бардык катмарларынын мүдөө-талаптарына жооп берүү, жашоо-турмуштарынын сапатын арттыруу максатында жергиликтү бийлик органдары, жарандык коом уюмдары, профсоюздар менен кызматташтыкта окуу семинарларын уюштуруп, көйгөйлөрдү изилдеп, таап, аларды чечүү жолдорун табууга аракет кылып келет.

Социалдык жоопкерчилик жана айлана-чөйрөгө аяр мамиле кылуу принцибин эске алып, студент жана окутуучулардын социалдык жана жеке инсандык өнүгүүлөрүнүн колдоого алынышы, алардын мотивацияларынын бекемделиши, тиешелүүлүк, ээлик кылуу, таандык болуу сезимдеринин өркүндөтүлүшү, коом жана ишкер чөйрө менен бүтүндөшүүгө багытталып, окуу календарына параллельдүү түрдө иш жүзүнө ашырылган социалдык, маданий, көркөм искусство жана спорттук иш-чараларга, профессордук-окутуучулук курам менен административдик кызматкерлердин колдоосу менен түзүлгөн Студенттик кеңеш жана студенттик клубдардын жигердүү катышуусунун натыйжасында уюштурулган иш-чараларга өтө терең маани берилет.

Ушуну менен катар SOS Kinderdorf Балдар айылынын жетекчилиги менен чогуу 2010-жылдан тартып, жыл сайын 30 жакын окуучунун катышуусунда жайкы лагерь уюштурулуп, 3 жумага созулган окуу программасынын алкагында спорттук, көркөм искусство жана маданий иш-чаралар өткөрүлүүдө. Ал эми каалаган балдар үчүн Түрк тили боюнча баштапкы курстары берилип, керектүү колдоо жана жардам көрсөтүлүүдө.



Мындан сырткары Бишкектеги №58 орто мектебине жардам көрсөтүү максатында 2 пилоттук долбоордун негизинде 14 даана компьютерден турган комьютердик лаборатория ачылып, керектүү жабдыктар менен камсыз кылынды. 300гө жакын окуучуга тандалма сабак катары жумасына төрт саат Баштапкы Түркчө үйрөтүү сабактары окутулат. Алдыдагы жылдарда бул иш—аракеттер мындан да кененирээк жайылтылып, улантылмакчы. Университеттин жетекчилиги астында профессордук-окутуучулук курам жана административдик кызматкерлер, студенттик кеңеш менен карылар, жетим балдар үйлөрүнө барып, керектүү жардам жана колдоолор көрсөтүлүүдө. Бул жаатта Ош шаарында бир мектеп китепканасында оңдоо-түзөө иштери жасалып, "Манас" университетинин китеп бөлмөсүнүн ачылышына Студенттик кеңештин салымы зор болду.

Ветеринардык факультет 2013-жылдын октябрь айында эксплуатацияга берилген илимий-практикалык жана изилдөө борбору аркылуу же өз жеринде же болбосо, көчмө клиникалык кызмат көрсөтүүнүн алкагында 735 ит, 149 мышык, 59 уй, 34 жылкы, 30 кой, 2 эчки жана 4 экзотикалык жаныбарларга карата жардам көрсөтүлүп, бардыгы болуп 1623 жаныбарга ветеринардык жардам көрсөтүлгөн. Бул кызматтардын болжолдуу алганда 30 %ы хирургиялык жардам, 30 %ы оперативдүү кийлигишүү жана 40 %ы гинекологиялык операцияларды түздү. Бул жаныбарлардын 85 %ы кожоюну бар жаныбарларды түзсө, калган 15 %ын "Жашоо укугу" аттуу кожоюну жок, жолбун жаныбарларды коргоочу фондундагы жаныбарлар түзгөн.

Ушул эле Ветеринардык факультет, тармак боюнча мекеме жана умдар менен мурун түзүлгөн келишимдердин негизинде акыркы бир жыл ичинде жер-жерлерде иштеген 48 ветеринардык дарыгерлер үчүн топтук түрдө бир жумалык клиникалык дарылоо бонча окуу семинарларын уюштурду. Ал эми 32 ветеринардык дарыгерге "Мал тоюттарын анализдөөнүн ыкмалары боюнча илимий-практикалык семинарлар" жана соңку лабораториялык эмдөө ыкмалалары бюнча жана 22 ветеринардык дарыгерге "Ири мүйүздүү малдардын туяк ооруна заманбап дарылоо ыкмалары" менен үйүр саламаттагы боюнча окуу семинарлары өткөрүлдү.

Экономика жана Башкаруу факультети тарабынан жыл сайын уюштурулуучу Карьера Күндөрү аркылуу эмгек жолуна баштай турган студенттер менен ишкер чөрөсүнүн ортосунда бир көпүрөөнүн курулушу көздөлүп, университеттин сырткы кардарлары болуп эсептелген жеке жана мамлекеттик мекеме-уюмдарга окуу жайды таанытуу, Кыргызстанда карьера жасоого мүмкүнчүлүк бергенуюм-мекемелер менен студенттерди жолуктуруу, карьера боюнча пландоо иштеринде жол көрсөтүү, университет-өндүрүш кызматташтыгына багытталган иш-чраладны негизинде университеттин жетекчилиги менен жеке, мамлекеттик сектордун өкүлдөрү менен тыгыз байланышта болуусун камсыз кылуу ушул факультеттин негизги максаттары болуп саналат.

**d. Эл аралык мамилелер жана кызматташтыктар**

Университет, ааламдашуу процессинде дүйнөдөгү күчтүү жана атаандаштыкка туруштук бере алган мекеме структурасына ээ болуу үчүн алгач куруучу өлкөлөрдүн, аймактагы жана дүйнөдөгү тандалма жогорку окуу жайлар жана алдыңкы мекемелер менен эл аралык мамилелерди түзүп, кызматташтыкты бекемдеп келет.

Бул максатта 2010-жылдын февраль айынан 2016-жылдын май айына чейинки мезгилде Түркия Республикасынан 70 университет, мекеме, уюм жана өкмөттүк эмес уюмдар; Түркия Республикасынан сырткары 54 жогорку окуу жай менен кызматташтык протоколдоруна (http://iro.manas.edu.kg/index.php/homepage,menu) кол коюлуп, студенттер жана профессордук-окутуучулук курам менен алмашуу программалары, практика, профессордук-окутуучулук курамдын квалификациясын жогорулатуу, орток илимий долбоорлорду иштеп чыгууга багытталган иш-чаралар аткарылууда. Мындан сырткары Мевляна алмашуу программасынын алкагында 64 университет менен кызматташтык келишимине кол коюлду (http://mdp.manas.edu.kg/).

**e. Сыйлыктар**

Түрк дүйнөсүнүн жазуучулар жана маданият имшемрелеринин фонду (TÜRKSAV) 18. Эл аралык Түрк дүйнөсүнө эмгеги сиңген инсандарга сыйлык тапшыруу аземинде, Университетибиз "Түрк дүйнөсүндө орток маданий жана илимий көпүрөөнүн бекемдөө миссиясын" аткарып келгендиги үчүн сыйлыкка арзыды.

Дүйнөлүк Түрк Форуму жана Түрк Азия стратегиялык изилдөөлөр борбору (TASAM) тарабынан уюштурулган 'III. Дүйнөлүк Түрк Форумунун' алкагында университетибиз технология боюнча Кызыл алма сыйлыгына ээ болду.

Евросоюздун гранттык колдоосу менен Европалык илимий-өнөр жай палатасы тарабынан жыл сайын өткөрүлүүчү глобалдык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча Нобель сыйлыгына жана математика тармагы боюнча Филдс медалына ээ болгон университетибиз "BBB" категориясында Кыргызстанда биринчи орунга татыды.

Кыргыз Республикасынын Социалдык өнүгүү министрлиги тарабынан Ардак Грамотасы берилди.

К.Р. Эмгек, миграция жана жаштар министрлиги тарабынан Ардак Грамотасы берилди.
Ишенаалы Арабаев атындагы Кыргыз Мамлекеттик университети проф. докт. Себахаттин Балжыга Ардактуу Профессору наамы берилди.



Оксфорд Академиктердин Биримдиги мүчөлүк күбөлүгү жана Сократ сыйлыгын тапшыруу аземинде ректор, проф.докт. Себахаттин Балжыга Мүчөлүк Күбөлүгү тапшырылды.

Кыргыз Республикасынын Ош областында жайгашкан Араван айылынын администрациясы тарабынан ректор, проф.докт. Себахаттин Балжыга Ардак Грамота тапшырылды.

КР Президентинин жарлыгы менен КТМУ-нин ректору, проф.докт. Себахаттин Балжыга кол саат тапшырылды.

КР Вице-премьер-министри Гүлмира Кудайбердиева окуу жайдын өнүгүшүнө салым кошкон профессордук-окутуучулук курамдын кээ бир өкүлдөрү менен кээ бир административдик кызматкерлерге (проф.докт. Себахаттин Балжы, проф. докт. Али Бахадыр, проф.докт. Али Осман Солак, доц.докт. Мехмет Башбуг, проф.докт. Жошкан Ылыжалы, Гүнхан Кайхан) Кыргыз Республикасынын ыраазычылык жана ардак грамоталары менен сыйланышты.

Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институту жана спорт академиясы тарабынан Дене тарбия жана спорт жогорку мектебинин ага окутуучуларындан доц.докт. м.а. Сердар Гери менен доц.докт. м.а. Билал Демирхана атайын сыйлык тапшырылды.

Университеттин Коммуникация факультети дагы эки зор жетишкендикке болду. Студенттер, 2015-жылы Айдын Доган Фонду тарабынан өткөрүлгөн 27. жаш журналисттердин арасында өткөрүлүүчү конкурстун 27-чисинде визуалдык номинациянын, кыска метраждуу фильмдердин категориясында экинчи орунга ээ болушту. Ал эми "Айтыш" Коомдук фонду тарабынан Кыргызстандын борбору Бишкекте өткөрүлгөн "Кыргызстан-Кыска метраждуу фильмдердин өлкөсү" аттуу эл аралык фильм фестивалинде "Эң мыкты тасма" жана "Көрүүчүлөрдүн сүймөнчүлүгүнө ээ болгон тасма" сыйлыктарына ээ болушту.

40ка жакын университеттин журналистика факультеттеринен жазма, визуалдык, аудио, реклама, коомчулук менен байланыш жана интернет журналистика номинацияларында 1093 студенттин 925 эмгеги менен катышкаг 27-чи Жаш журналисттердин конкурсуна жюрилер, 20га университеттин 105 студентине 62 долоордук сыйлык ыйгарылды. визуалдык номинациянын, кыска метраждуу фильмдердин категориясында унверситеттин Коммуникация факультетинин Радио-ТВ жана Кинематография бөлүмүнүн студенти Кымбат Адылбекова "Таксист" атуу кыска метраждуу фильм долбоору менен экинчи орунга татыктуу болду.

2015-жылы Кыргызстандын борбору Бишкекте өткөрүлгөн "Кыргызстан-Кыска метраждуу фильмдердин өлкөсү" аттуу эл аралык V. фильм фестивалинде "Эң мыкты тасма" номинациясы боюнча бул фестивалга катышкан аталган факультеттин студенти Кымбат

Адылбекованын режиссерлугу астында тартылган “Таксист” аттуу фильм биринчи орунга ээ болсо, “Көрүүчүлөрдүн сүймөнчүлүгүнө ээ болгон тасма” категориясында студентибиз Хайрулла Рахматилла уулунун режиссерлугу астында тартылган “Каникул” аттуу кыска метраждуу фильми сыйлыкка татыды.

Консерваториянын ага окутуучуларындан Себахаттин Сиврикаянын Кыргызстан маданиятына кошкон салымы үчүн Ардак грамотасы менен сыйланды.

Консерваториянын ага окутуучуларындан Эльвира Насыранбекова Маданияттын отличниги медалына татыды. (Ek Foto 4).


ЭжБФ профессору, доц.докт. Дамира Жапарова, доц.докт.м.а. Сейил Нажимудинова жана Камалбек Карымшаковга “Прогрессивдүү демилгелер фонду” тарабынан “Акыл тирек” премиясы менен сыйланышты.


Кыргызстанда мейманкана, ресторан жана коомдук тамактануу тармагында иш алып барган ишканаларды бириктирип, алардын ишмердүүлүгүн координациялаган жана ушул сектордогу соңку маалыматтар менен бөлүшүп келген Horeca медиа түзүлүшү, университеттин Туризм жана Мейманкана иштетүү жогорку мектебине 2 маанилүү сыйлык ыйгарган.

Кыргызстанда республикалык деңгээлде өткөрүлгөн тандоодо «Туризм тармагында эң мыкты билим берген окуу жай” жана “Эң мыкты долбоор” номинациялары боюнча экөөндө тең биринчи орунду ээлешти.

Кыргыз Республикасынын Автордук укуктарды коргоо күнүндө Айыл чарба факультетинин окутуучусу PhD Сайкал Бобушевага “Патент ээси, Жаш окумуштуу” сыйлыгы тапшырылды.

Европалык илимдер академиясынын төрагалыгы тарабынан Айыл чарба факультетинин окутуучусу PhD Нурлан Маматов, генетика жана селекция илиминин эл аралык деңгээлде өнүгүшүнө сиңирген 25 жылдык эмгеги жана салымы үчүн Rudolf Wirhov атындагы медалы менен сыйланды
















КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИ
2015Административдик иштердин отчету

### 5.5. Спорт жаатындагы кызмат көрсөтүүлөр



Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Ден-соолук, маданият жана спорт башкармалыгыны менен Дене тарбия жана спорт жогорку мектебине караштуу спорттук имараттарда университеттин студенттерине жана кызматкерлерине апта аягында жана эс алуу күндөрүндө да жети күн кызмат көрсөтүлөт.

Университеттин ачык аба спорт комплекси 2001-2002-окуу жылынан баштап иштей баштаган. Спорттук комплекс: 1 стадион, 1 футбол, 1 чоң теннис, 2 волейбол, 2 баскетбол, 1 ачык асман алдындагы гимнастика спорттук аянтчалардан турат. Ушуну менен катар 1 күрөш, 1 фитнес, 1 штанга көтөрүү, 1 дзюдо, 1 самбо, 1 чатыраш (шахмат), 1 тогуз коргоол залдары жайгашкан. Спорттук комплекс зарыл болгон бардык жабдуулар жана шаймандар менен толук жабдылган. Мындан сырткары олимпиадалык оюндар өткөрүлүүчү жабык спорт комплекси 2015-жылдын октябрь айында Дене тарбия жана спорт жогорку мектебинин алдында пайдаланууга берилип, иш-чаралар башталган. Аталган спорт комплексинен университеттин бардык студенттери менен кызматкерлери пайдаланып келет.

**55-таблица. Спортчулар жөнүндө маалымат**

| | Катышкан спорт тармагы | Мелдештерге катышкан кишинин саны | Медалдардын саны | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| Студент | Бардыгы | 500 | 40 | 567 |
| Кызматкер | 3 | 30 | - | 33 |
| **Бардыгы** | **30** | **530** | **40** | **600** |

Спорттук имараттарда, спорт аянтчаларынан сырткары студенттердин кийинип чечинүү бөлмөлөрү жана кызматкерлер үчүн кеңселер орун алган.



Мындан сырткары элдик оюндар, музыкалык аспаптар, заманбап бий ж.б.у.с. ийримдерге катышып, студенттер өздөрүн өнүктүрүүдө жана ушул ийримдерге катышуу менен санаалаш, досторду таап,ар дайым социалдык чөйрө менен карым-катнашта болушууда.

**56-таблица. Сыйлыктар**

| Сыйлык түрү | Саны |
|---|---|
| Илим жана техника тармагындагы сыйлык | 3 |
| Илим жана техника тармагында эмгек сиңиргендиги үчүн сыйлык | 10 |
| Илим жана техника тармагында мотивациялоо багытында берилген сыйлык | - |
| Искусство тармагындагы сыйлык | 24 |
| Искусство тармагында эмгек сиңиргендиги үчүн сыйлык | 4 |
| Искусство тармагында мотивациялоо багытында берилген сыйлык | - |
| Илим изилдөө тармагындагы сыйлык | 3 |
| **Бардыгы** | **44** |

**57-таблица. Спорт жаатындагы сыйлыктар**

| | Саны |
|---|---|
| Дене тарбия жана спорт жогорку мектеби | 50 |
| **Бардыгы** | **50** |

### 5.6. Маданий иш-чаралар



Түрк тектүү мамлекеттер менен түрк коомчулуктарынын университетке тапшыра турчу курактагы жаштардын башын бириктирип, эл аралык заманбап билимдин талаптарына ылайык билим алуулары менен катар улуттук жана руханий баалуулуктарын ыйык туткан жаштарды тарбиялоо максатында курулган университетибиз, бул максатты ишке ашыруу үчүн маданий иш-чараларга да өзгөчө маани берип келет.

Студенттик үйлөрдө ар жуманын бейшемби күдөрү кечкисин "маектер" өткөрүлүп турат. Бул иш-чарага профессордук-окутуучулук курам чакырылып, үй-бүлөлүк атмосферада маектер өткөрүлөт. Аталган иш-чара кызматкерлер менен студенттердин тыгыз байланышта болушуна өбөлгө түзүлөт.

Мындан сыткары бул программанын алкагында поэзия кечелери, экскурсия жана маанай көтөрүүчү иш-чаралар өткөрүлүп, театралдык пьесалар да коюлуп келет.



18-март Чанаккале (Дарданеллы)
жеңиш майрамынын 100 жылдыгы



21-Март Нооруз майрамы




**Нооруз 2015-ж.**



11-апрель айлана-чөйрөнү тазалоо



122-апрель жазгы көчөт отургузуу



23-апрель Улуттук боштондук жана балдардын майрамы



28-апрель Кыргызстанды таанытуу күнү



19-май Ататүрктү эскерүү, жаштар жана спорт майрамы




23-сентябрь Кыргыз тил майрамы



29-май Курманжан датка көркөм фильми



17-июль Орозо айт



## 5.7.Административдик кызматтар

### Баш катчылык

Башкы катчы университеттин административдик структурасынын жетекчи органы болуп саналат. Аткарган иш-чаралары боюнча Ректор жана Биринчи проректордун алдында жооптуу болот. Окумуштуулар жана Башкаруу кеңештерине добуш берүү укугуна ээ болбостон катышып, референт-мүчөсү болуп саналат.

**Башкы катчынын милдеттери, ыйгарым укуктары жана жоопкерчиликтери төмөндө көрсөтүлгөн:**

- Университеттин административдик структурасында орун алган түзүмдөрдүн тийиштүү мыйзам, устав, инструкция, жобо, негиздерге ылайык натыйжалуу, үзгүлтүксүз жана шайкеш иштөөсүн камсыз кылуу;
- Окумуштуулар жана Башкаруу кеңештерине добуш берүү укугуна ээ болбостон катышуу жана референт болуу;
- Университеттин окумуштуулар кеңеши менен башкаруу кеңешинин жыйналыштарынын күн тартибин даярдап, тийиштүү кишилерге өз убактысында жиберүү;
- Университеттин окумуштуулар кеңеши менен башкаруу кеңеши тарабынан кабыл алынган чечимдерди жазуу, коргоо, сактоо жана университетке караштуу түзүмдөргө жана тийиштүү кишилерге жиберүү;
- Университеттин окумуштуулар кеңеши менен башкаруу кеңеши тарабынан кабыл алынган чечимдерди университеттин веб-баракчасында жарыялоо;

- Ректорлуктун тышкы жана ички иш кагаздарын жүргүзүү;
- Университеттин административдик түзүмдөрү менен жеке жана мамлекеттик мекемелер ортосундагы мамилелердин натыйжалуу жана ырааттуу өнүгүүсүн камсыз кылуу;
- Факультет/жогорку мектеп/ институттун катчыларынын иш алып баруусун координациялоо жана жакшыртуу, кызматташтыкты камсыздоо, алардын натыйжалуу жана ырааттуу иштөөсүн камсыз кылуу;
- Баш катчылыкка караштуу болгон түзүмдөрдү байкоо, контролдоо жана текшерүү иштерин жүргүзүү, дисциплинаны камсыз кылуу;
- Университеттин ар түрдүү административдик-чарбалык иштеринин камсыздалышын уюштуруу;
- Университетте иштеген административдик кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу боюнча керектөөлөрдү аныкттоо жана бул керектөөлөргө ылайык окуу программасын камсыз кылуу;
- Университеттин ар түрдүү юридикалык маселелерин көзөмөлгө алуу жана бир жыйынтыкка келтирүү;
- Университеттин басма-полиграфиялык тейлөө кызматтарынын ирээттүү иштешин камсыздоо;
- Университеттин административдик структурасында дайындала турган кызматкерлерди Ректор жана Биринчи проректорго сунуш кылуу;
- Университеттин балансында турган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөрдү коргоо боюнча чараларды көрүү;
- Ректораттын протокол, визит жана азем өткөрүү иштеринде административдик-чарбалык иштин камсыздалышын жана  уюштурулушун жөнгө салуу,
- Мүчө болгон кеңеш жана комиссияларга катышуу жана/же төрагалык кылуу;
- Система жана нормативдик-укуктук документтерди иштеп чыгуу;
- Университетте ар түрдүү коопсуздук чараларды көрүү;
- Университеттин бардык мүлктөрүн тариздөө, уюштуруу жана архивдөө иштерин жүргүзүү;
- Кызматкерлердин социалдык коопсуздугунун камсыздалышында тийиштүү иш-чараларды жүргүзүү;
- Ресурстардын натйыжалуу колдонулушун камсыз кылуу;
- Баш катчылыктын жана ага караштуу түзүмдөрдүн аткарган бардык иш-чараларын контролдоо, көзөмөлдөө, текшерүү жана бул иш-чаралардын жыйынтыктарын алуу боюнча Ректораттын алдында жоопту болуп саналат;

- Ректор жана Биринчи проректор тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Маалыматтык технологиялар башкармалыгы**

- Башкармалыктар үчүн аныкталган Университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана прициптерине ылайык милдет жана жоопкерчиликтерди аткаруу;
- Университетте маалымат алмашуу иш-чараларын пландаштыруу, уюштуруу жана жүргүзүү;
- Университеттин жергиликтүү байланыш-катыш тармагына (Network) техникалык кызмат көрсөтүү жана иштетүү;
- Жергиликтүү жана эл аралык байланыш-катыш тармактары менен локалдык тармак байланышын үзгүлтүксүз жана тоскоолсуз камсыздоо;
- Академиялык жана административдик түзүмдөр маалыматтык технологияларды колдонуу менен кызмат көрсөтүүлөрү үчүн техникалык көмөк көрсөтүү;
- Университеттин веб баракчасын даярдоо ишин координациялоо, түзүмдөрдөн келген сунуш жана маалыматтарга ылайык веб-баракчадагы маалыматты жаңыртуу, аткарылган иш-чаралар жөнүндө маалыматты веб баракчада жарыялоо;
- Университеттин лицензияланган программалык жабдууларга болгон керектөөсүн камсыз кылуу жана алардын жаңыланып туруусун камсыздоо;
- Университеттин академиялык жана административдик түзүмдөрдүн компьютердин жардамы менен өткөрөтурган сабак/жыйындар үчүн компьютердик лабораторияларды техникалык жактан даярдоо;
- Университет тарабынан уюштурулган ар түрдүү жыйындарда колдонула турган компьютер жана прожекторлорду камсыз кылуу жана бетачар/билдирүү/баяндамалардын (презентациялардын) өткөрүлүшүн камсыз кылуу;
- Университеттин балансында турган бардык компьютердик системаларды, персоналдык компьютерлерди жана кошумча жабдыктарды периодикалык түрдө жана түшкөн талаптарга ылайык оңдоп-түзөө жана техникалык кызмат көрсөтүү иштерин жүргүзүү;
- Университет муктаж болгон ар түрдүү компьютер жана компьютердик жабдыктарды сатып алууга байланыштуу сатып алуу жана жана текшерүү комиссиясына техникалык маселелери боюнча комиссияга мүчө катары катышуу;
- Кызматына байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Административдик-чарбалык иштерди камсыздоо башкармалыгы**

- Башкармалыктар үчүн аныкталган Университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана прициптерине ылайык милдет жана жоопкерчиликтерди аткаруу;

- Университеттин балансында турган же колдонуусунда болгон кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктөргө байланыштуу таблицалардын жыйынтыктарын даярдоо;
- Керектүү каражат жана материалдардын камсыздалышы боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү;
- Имараттарды тазалоо, жарыктандыруу, жылытуу, оңдоп-түзөө ж.б.у.с. кызмат көрсөтүүлөрдү жүргүзүү;
- Университетке келген конокторго жардам көрсөтүү жана тийиштүү кишилер менен жолугушуулардын өтүшүн камсыз кылуу;
- Университеттин жашыл аянттарынын тазалыгын сактоо жана сугаруу ж.б.у.с. иш-чараларды өткөрүү, күнүгө көзөмөл жана текшерүүлөрдү жүргүзүү;
- Жол кыймылынын коопсуздугу жөнүндө мыйзамга ылайык университеттин балансында турган унааларга байланыштуу страховка, оңдоп-түзөө, номер алуу жана каттоо боюнча иштерин жүргүзүү;
- Коопсуздук жана айлана-чөйрөгө көзөмөл жүргүзүү иштерин аткаруу;
- Университеттин имараттары, кызматкерлердин турак-жайы жана жатаканалардын коопсуздугу үчүн ички иштер органдары менен келишимдердин даярдалышын камсыздоо, бул келишимдерди жетекчилерге жөнөтүү жана келишимге ылайык коопсуздук кызматынын ишке ашырылышын жана  текшерилишин камсыз кылуу;
- Катышкан жана/же жоопкерчилик алган процесстерде иштерди жакшыртуу боюнча мүмкүнчүлүктөрдү изилдеп  чыгып, тиешелүү сунуштарды киргизүү;
- Кызматына байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Китепкана жана иш кагаздар башкармалыгы**

- Башкармалыктар үчүн аныкталган Университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана принциптерине ылайык милдет жана жоопкерчиликтерди аткаруу;
- Университеттин китепканаларынын ар түрдүү керектөөлөрүн камсыздоо;
- Басылма, фильм, видеолента, микрофильм, каттоо каталогдорун даярдоо;
- Профессордук-окуутучулук курамдын булактарды издөө боюнча талап жана керектөөлөрүн камсыздоо;
- Библиографиялык маалыматтарды издөө иштерин жүргүзүү;
- Китепканалар ортосундагы кызматташтык боюнча иш-чараларды жүргүзүү;
- Аныкталган принциптерге ылайык коомго китепканалык кызмат көрсөтүү;
- Академиялык түзүмдөр менен биргелешип китепкананын керектөөлөрү боюнча бюджетти даярдоо;

- Университеттин басылмаларын (публикацияларын), диссертацияларды, китеп ж.б.у.с. илимий эмгектерди коомчулукка таанытуу, алардын автордук укугун коргоо жана көзөмөлдөө;
- Кызматына байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Студенттик иштер башкармалыгы**

- Башкармалыктар үчүн аныкталган Университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана принциптерине ылайык милдет жана жоопкерчиликтерди аткаруу;
- Милдет жана жоопкерчиликтерине кирген бардык процедураларды тез, туура, так аткаруу жана коопсуздугун камсыздоо;
- Академиялык (окуу) календардын толук жүзөгө ашырылышын камсыз кылуу;
- Академиялык түзүмдөр тарабынан кабыл алынган чечимдерди тез арада туура жана так жүзөгө ашыруу;
- Университеттин студенттик иштерине байланыштуу буйруктарды тийиштүү түзүмдөргө жана кишилерге билдирүү;
- Маалыматтык технологиялар башкармалыгы менен бирге Студенттик иштер башкармалыгынын маалыматтык системаларынын туура иштөөсүн жана коопсуздугун камсыздоо;
- Студенттерди каттоо иштерин жүргүзүү, сабактарга байланыштуу процедуралардын каттосун жүргүзүү жана сактоо;
- Диплом, студенттик билет, стипендия, бүтүрүүчүлөргө көзөмөл жүргүзүү боюнча иштерди аткаруу, аттестат жана дипломдун каттоолорун жүргүзүү жана каттоолорду сактоо;
- Эркек студенттердин аскердик кызмат өтөө иштерин жүргүзүү;
- Кызматына байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Кадрлар башкармалыгы**

- Башкармалыктар үчүн аныкталган Университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана принциптерине ылайык милдет жана жоопкерчиликтерди аткаруу;
- Университеттин адам ресурстарына болгон керектөөлөрүн камсыздоо үчүн пландарды иштеп чыгуу жана аларды жүзөгө ашыруу үчүн иш-чараларды уюштуруу;
- Университетте академиялык жана административдик кызматкерлерди кызмат ордуна дайындоо, өздүк делолору жана пенсиялык камсыздоосуна байланыштуу иш-чараларды уюштуруу;
- Административдик кызматкерлер үчүн даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу курстарын уюштуруу жана ишке ашыруу;

- Биринчи жолу ишке алына турган, башка уюм жана мекемелерден которулуу жолу менен дайнымдалган жана туруктуу иштей турган ар бир баскычтагы кызматкерге тийиштүү процедуралардын мыйзам, устав же инструкцияларга ылайык иш жүргүзүлүшүн жана кызматкердин ишке баштоосун камсыздоо;
- Ай сайын келишим түзүлгөн кызматкерлердин ар бир ай ичинде аткарган иш-чараларын талдоо жана маалыматтардын улам жаңыланып туруусун камсыздоо;
- Катышкан жана/же жоопкерчилик алган процесстерде иштерди жакшыртуу боюнча мүмкүнчүлүктөрдү изилдеп чыгып тиешелүү сунуштарды киргизүү, жетекчилик тарабынан бекитип, жаңы иш-чараларды жүзөгө ашыруу;
- Кызматына байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Ден-соолук, маданият жана спорт башкармалыгы**

- Башкармалыктар үчүн аныкталган Университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана принциптерине ылайык милдет жана жоопкерчиликтерди аткаруу;
- Студенттерге жана кызматкерлерге дарылоо-денсоолукту чыңдоо боюнча кызмат көрсөтүү;
- Психологиялык кеңеш берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдүн толук аткарылышын камсыздоо;
- Студенттердин жана кызматкерлердин турак-жай жана тамактанууга болгон керектөөлөрүн камсыздоо;
- Студенттердин жана кызматкерлердин спорттук, маданий жана социалдык керектөөлөрүн камсыздоо үчүн керектүү иш-чараларды уюштуруу;
- Тийиштүү түзүмдөр менен бирге кызматкерлердин турак-жайын жана конок үйлөрүн үзгүлтүксүз иштетүү;
- Спорттук аянтчаларды иштетүү жана кармоо;
- Кызматына байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Стратегияны өркүндөтүү башкармалыгы**

- Башкармалыктар үчүн аныкталган Университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана принциптерине ылайык милдет жана жоопкерчиликтерди аткаруу;
- Отчеттук жылдан кийинки 2 жылдын бюджеттик болжолдоосун камтыган административдик бюджетти стратегиялык план жана жыл ичинде аткарылган иштердин натыйжалуугу жөнүндө программага ылайык даярдоо жана административдик иш-чаралардын коюлган талаптарга ылайык келгендигин талдоо жана баалоо;

- Университеттин нормативдик-укуктук документтерине ылайык аныкталган бюджеттик принцип жана негиздеринин чектеринде чыгымдар тууралуу деталдуу программаны даярдоо жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө талабын эске алуу менен төлөмдөрдүн тийиштүү түзүмдөргө жөнөтүлүшүн камсыздоо;
- Бюджеттик эсептерди уюштуруу, бюджеттик каражаттарды колдонуу жыйынтыктары боюнча маалыматтарды топтоо, баалоо жана акыркы бюджеттик эсеп менен финансылык статистикалык маалыматтарды даярдоо;
- Университеттин нормативдик-укуктук документтеринин чектеринде кирешелерди эсептөө, киреше жана карыздардын түшүшүн көзөмөлдөө жана жыйноо иштерин жүргүзүү;
- Бюджеттик каражаттарды пайдаланган түзүмдөрдүн отчетторун эске алуу менен административдик иш-чаралардын отчетун түзүү;
- Университеттин инвестиция программасын даярдоо ишин координациялоо, программаны жүзөгө ашыруу жыйынтыктарын талдоо жана жылдык инвестицияларды баалоо отчетун түзүү;
- Университеттин башка администрациялар менен болгон финансылык иш-чараларын жана процедураларын жүргүзүү  жана жыйынтыктоо,
- Финансылык мыйзамдарга байланыштуу башка мыйзамдардын жүзөгө ашырылышы тууралуу жетекчиликке жана финансы иштери боюнча жооптууларга керектүү маалымат жана кеңеш берүү;
- Кызматына байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

**Курулуш иштер башкармалыгы**

- Башкармалыктар үчүн аныкталган Университеттин максаты, мүдөөсү, стратегиясы жана принциптерине ылайык милдет жана жоопкерчиликтерди аткаруу;
- Имараттын курулуш иштери жана материалдар менен байланыштуу технологиялык өнүгүүлөрдү жакындап байкап, жаңы технологиялардын колдонулушун камсыздоо;
- Университеттин түзүмүндө жана системаларында колдонула турган стандарт жана негиздерди аныктоо;
- Жаңы курула турган имарат/объекттердин технологиялык өнүгүүлөргө ылайык планын жана долбоорлорун иштеп чыгуу, имараттарды куруу жана оңдоо боюнча долбоорго ылайык келген санда жана сапатта курулуш материалдары менен камсыз кылуу жана алардын колдонулушун камсыздоо;
- Имарат/объекттерди оңдоо жана куруу иштеринин план жана долбоорго ылайык жүргүзүлүшүн камсыздоо;
- Кыймылсыз мүлктөрдүн эсебин жүргүзүү жана төлөмдөрдүн тиешелүү мамлекеттик уюмдарга өз убактысында, туура жана так төлөнүшүн камсыздоо;

- Жаңы имараттарга байланыштуу архитектуралык-курулуштук көзөмөл, электр энергиясы, механикалык иштер, вентиляция, сууну тазалоо системасы жана айлана-чөйрөнү жакшыртуу боюнча алдын ала долбоорлорун иштеп чыгуу жана аларды ишке ашыруу;
- Тендердин алдындагы техникалык шарттар, тендердик документтер, атайын административдик шарттар, сметалар, келишимдин долбоорлору ж.б. документтердин тендер өткөрүү жана сатып алуулар жөнүндө Инструкцияга ылайык экендигин бекитүү;
- Фирмалар тарабынан курулуш иштери жүргүзүлгөн учурда кабыл алуу, акыркы эсептөөлөрдү жүргүзүү жана акыркы кабыл алуу иштеринин өз убактысында жана туура аткарылышын камсыздоо;
- Подрядчик фирмаларга тендер аркылуу курдурулган имараттарга байланыштуу төлөмдөрдүн жоболорго ылайык төлөнүшүн камсыздоо;
- Подрядчик фирмалар тарабынан жүргүзүлгөн курулуш иштери долбоор жана келишимге ылайык толук аткарылганда, кепилдик катынын кайтарып берилишине макулдук берүү жана келишимдин аякташы боюнча процедуралардын ишке ашырылышын камсыздоо;
- Тендердик комиссияга катышуу;
- Катышкан жана/же жоопкерчилик алган процесстерде иштерди жакшыртуу боюнча мүмкүнчүлүктөрдү изилдеп чыгып тиешелүү сунуштарды киргизүү;
- Кызматына байланыштуу жетекчилер тарабынан берилген башка тапшырмаларды аткаруу.

### 5.8 Система, нормативдик-укуктук документтер менен башкарууну жакшыртуу жана өнүктүрүү

#### Система

Университет салттуу башкаруу системасынан стратегиялык башкаруу системасына өттү. Мунун негизинде 2011-2015-жылдарды камтыган стратегиялык планы иштелип чыгып, Камкорчулар кеңеши тарабынан бекитилип, иш жүзүнө киргизилген. Мындан кийин 2016-2020-жылдарды камтыган Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин Стратегиялык планы даярдалып Камкорчулар кеңешине сунулат. Академиялык багытта, жаңыча башкарууга бардык кызматкерлердин активдүү катышуусун камсыз кылуу жана жакшы натыйжаларды алуу максатында КТМУнин кеңеши жана комитеттери кайрадан түзүлүп, календардык план боюнча пландуу иштөө иш-аракеттери ишке ашырыла баштаган. Ушуну менен катар, университетти эл аралык деңгээлде таанытуу жана биргелешип иш алпаруу  максатында Болондук процесс менен бирге эле аймактык жана ааламдашуу маселелерине өзгөчө маани берилген.

#### Нормативдик-укуктук документтер

Структуралык башкаруу жана стратегиялык пландоо системасынын негизинде университетти натыйжалуу башкаруу, стратегиялык планда белгиленген максаттарга эң жакын мезгилде жетүү, түзүлүш максатына багытталган иш-чараларды жүргүзүү үчүн Түзүлүш уставын жаңыртуу, буга караштуу уставдын даярдалышына жетишээрлик деңгээлде көмөк көрсөткөн алгачкы жылдарда даярдалган инструкция жана жоболорду азыркы учурдун талабына ылайык жана өнүктүрүү муктаждыгынан улам бул багытта иш-чаралар башталып, аныкталган жаңы миссия, концепция жана максаттарга багытталган жаңы структуралык түзүлүш үчүн муктаж болгон жаңы инструкция, жобо жана негиздер даярдалып, “е-инструкция, жобо, негиздер” аталышында веб баракчага (http://manas.edu.kg/index.php/tr/ktmu-emevzuat) жалпы колдонууга коюлган. Университеттин максаты жана концепциясы менен шайкеш келген ураан (лозунг) иштелип чыгып, жыйынтыгында “Келечек колубузда...” деген ураан кабыл алынган.

**58-таблица. 2015-жылы өз күчүнө кирген инструкциялар жана жоболор**

| | |
|---|---|
| КТМУ Мугалимдик сертификат программасы боюнча жобо | Окумуштуулар кеңешинин 20/01/2015, 1-жыйынындагы №2015.01.01-чечими менен бекитилген. |
| КТМУ Ата-энелер комитетин түзүү жана анын ишин алып баруу боюнча жобо | Окумуштуулар кеңешинин 20/01/2015, 1-жыйынындагы №2015.01.02-чечими менен бекитилген. |
| КТМУ Студенттерди тандоо жана жайгаштыруу борборунун жобосу | Окумуштуулар кеңешинин 17/02/2015, 3-жыйынындагы №2015.03.13-чечими менен бекитилген. |
| КТМУ ЖОЖдон кийинки билим берген институттардын окуу-тарбия жана сынак инструкциясы | Окумуштуулар кеңешинин 07/04/2015, 7-жыйынындагы №2015.07.29-чечими менен бекитилген. |
| КТМУ Теология факультетинин тажрыйба жүргүзүү мечити жана тажрыйба жүргүзүү жаатында иш-чаралар боюнча жобо | Окумуштуулар кеңешинин 01/12/2015, 24-жыйынындагы №2015.24.122-чечими менен бекитилген. |
| КТМУ Мугалимдик сертификат программасы боюнча жобо | Камкорчулар кеңешинин 15/06/2015, 2015-01-жыйынындагы №2015-01.1-чечими менен бекитилген. |

Аймагында эң алдыңкылардын катарында орун алган Манас университети Түрк стандарттары институтун İSO 9001 Сапаттуу Башкаруу сертификатына ээ болду.

Түрк стандарттары институту (TSE) менен университетибиздин ортосунда жүргүзүлгөн Сапаттуу башкаруу системасы долбоорунун алкагында İSO 9001 желеги университетибизде желбиреди.



IQNet

THE INTERNATIONAL CERTIFICATION NETWORK

CERTIFICATE

IQNet and TSE hereby certify that the organization

KIRGIZISTAN - TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

TINCTIK CAD. NO:56 720044 BİŞKEK / KIRGIZİSTAN REPUBLIC

has implemented and maintains a QUALITY MANAGEMENT SYSTEM which fulfills the requirements of the following standard

TS EN ISO 9001:2008

Scope of the certificate is given in annex
Date of Revision: 12-03-2015
Date of Certificate: 12-03-2015
Valid Until: 12-03-2018

*Registration Number* : TR-KY-7029/15-R

Michael Drechsel
President of IQNet

Ayhan TÜRKEL
Ankara Certification Director



17009

KALİTE YÖNETİM SİSTEMİ BELGESİ

QUALITY MANAGEMENT SYSTEM CERTIFICATE

Partner of IQNet

TÜRK STANDARDLARI ENSTİTÜSÜ
bu belge ile

TURKISH STANDARDS INSTITUTION
hereby certifies that the organization

K - Q
TSE-ISO-EN
9000

Scope of the certificate is given in annex

TÜRK STANDARDLARI ENSTİTÜSÜ
TURKISH STANDARDS INSTITUTION

Ayhan TÜRKEL

## 6. Башкаруу жана каржылык текшерүү системасы

Университеттин административдик структурасы: Башкаруу органдары Ректор, Биринчи проректор, Окумуштуулар кеңеши жана университеттин Башкаруу кеңешинен турат. Мындан сырткары проректорлор жана административдик бөлүмдөрдүн башында турган Баш катчылык да башкаруу штатына кирет.

Университетте каржылык башкаруу иштеринде каржылык тартип, эсептик отчет жана каржылык ачыктык өкүм сүргөн экономикалык өнүгүүнү камсыз кылуу максатында каржылык булактар эффективдүү колдонулуп келет. Каржылык башкаруу коомдук сарптоону башкаруу жана бюджеттик процесстерди жакшыртуу иштеринин алкагында № 5018 Коомдук каржылык көзөмөл жана тескөө тууралуу мыйзамы жана Кыргызстандын базар жана каржылык түзүлүшүнө ылайыкташтырылып иштелип чыккан.

Стратегияны өркүндөтүү башкармалыгы бөлүмдөрүнүн иштөө усулдары жана негиздери тууралуу инструкциясына ылайык Стратегияны өркүндөтүү башкармалыгына караштуу ички финансылык түзүлүш иштеп келет. Бирок университеттин өзгөчө статуска ээ болгондугуна байланыштуу анын Уставына ылайык Стратегияны өркүндөтүү башкармалыгына караштуу Бюджет жана бухгалтерия мүдүрлүгү түзүлгөн.

Каржылык көзөмөл; коомдук булактардын белгиленген максаттарына байланыштуу тиешелүү мыйзам менен белгиленген эрежелерге ылайык эффективдүү, экономикалык жана натыйжалуу түрдө колдонулушун камсыз кылуу үчүн түзүлгөн көзөмөл системасы менен структуралык түзүлүш, усул жана процесстер. Сарптоолордон жооптуу бөлүм: административдик бюджеттен бөлүнгөн каражаттарды сарптоо укугуна ээ болгон бөлүмдү билдирет. Университетте бюджеттен бөлүнүп берилген ар бир каражатты сарптоо укугуна ээ болгон киши бул Биринчи проректор, ал эми эң жогорку жетекчи органы Камкорчулар кеңеши болуп эсептелет.

